Скарг
А 76

Айнура Апиева

# Кутуусуз сезим



С кырг
А 76

Айнура Апиева

ОБ

# КҮТҮҮСҮЗ СЕЗИМ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487368

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Бишкек – 2025

УДК 821.512.154-4
ББК 84(5Кир)-5
А 48

**Апиева Айнура.**
А 48 **Күтүүсүз сезим:** Ырлар. – Б.: «Улуу Тоолор», 2025.
– 144 б.

ISBN 978-9967-4874-45-7

Түмөн түйшүктүү ишкерлик жумуш менен катар эле кыйла мезгилден бери жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген сезим туйгуларынан улам ыр саптарын жаратып, Поэзия деген ажайып дүйнөнүн гүлбакчасына жан дили менен кызыгып келаткан Айнура Апиева кызыбыздын алгачкы китеби жарык көрүп, окурман журтунун колуна тийип отурат. Буга ар кыл темадагы кыйла чыйрак жазылган ырлары топтоштурулган. Ал кайсы темага кайрылбасын, аны болушунча тереңдете ачып берүүгө далалат кылат. Көп ырлары сезим козгогон ойлор, эмоция менен жазылган. Бул китеп көпчүлүк окурмандарды кайдыгер калтырбайт деген ишенимдебиз.

УДК 821.512.154-4
ББК 84(5Кир)-5

ISBN 978-9967-4874-45-7

© Апиева А., 2025.



## АТАМА БОЛГОН КУСАЛЫК

Аярлап алаар атам жок, аттиң,
Келбес бир жайга узап бир кеттиң.
Башымдан сылап турчу элең, ата,
Өзүңдү жоктоп келемин, аттиң.

Жалооруп мага турчу элең, ата,
Жанымда жөлөк болчу элең, ата.
Арманым ичке катылып келет,
Дартымды кимге айтамын, ата.

Эркелеп сага турчу элем, ата,
Эсимден кетпейт кеткениң, ата.
Ээнсиреп калдым эркелей албай,
Эстеген мени өзүң жок, ата.

Агамдан салам ала албай атам,
Жылуу сөз айтчу өзүң жок, ата.
Эжемден салам укканда, ал күн,
Эрээркеп кетчү болдум бир, ата.

Үйрүлүп түшчүү өзүң жок, ата,
Үшүдү жүрөк, болуп бир капа.
Үркөр бир жылдыз чыкканча, аттиң,
Үнүңдү укпай келемин, ата.

Арманым болдуң ардагым, ата,
Асырап алаар өзүң жок, ата.
Алыста жүрөм күйүт бир тартып,
Жайында жатып дуба кыл, ата,
Арбактар деле сезет бир дешет,
Кабырда жатып дуба кыл ата.

*26.10.22-ж.*



## КУСАЛЫК

Сагынып, куса болдум,
Санаркап ойго толдум.
Эңсеген адамымды,
Дегеле көрбөй койдум.

Кеттиби кол кармашып,
Селкиге жүрөк ачып.
Күтсөм да келбечүдөй,
Күтпөймүн мындан артык.


Олтурам ойго батып,
Жүрөгүм таштай катып.
Жибибейт, эми болду,
Өкүнбөйм намыс артык.

Барсаң сен, бара бергин,
Бактыңды таба бергин.
Сенсиз да күнүм өтөт,
Табамын мен да теңим.

*10.02.19-ж.*







## ЖОЛГО ЧЫКТЫМ


Жолго чыктым күүгүм талаш, кеч курун,
Күтүлбөстөн бир селкиге жолуктум.
Мөлтүрөгөн жүздөрүнөн нур тамып,
Улам карап, агаңды сен ооруттуң.

Чагылгандай жарк дей түштү көздөрү,
Жүлүн өрттөп жүрөгүмдү козгоду.
Дирилдеди денем ысып алоолоп,
Сылагансып аппак, назик колдору.

Аккуу сымал ай чырайы келишкен,
Көктөн түшкөн мээримдүүсүң, периштем.
Жүзү жанып, нур чачырап от болуп,
Жүрөгүмө сүйүү отун киргизген.

Кандай жансың агаңды сен арбаган,
Кайдан чыктың, ошого мен таң калам.
Караңгыда жарык болчу чырактай,
Каралдым ай, чырайыңа тамшанам.

*27.09.20-ж.*



## ЖҮРӨГҮМДҮ УУРДАДЫҢ

Жүрөсүң жүрөгүмдү уурдап алып,
Жүзүңдөн ширин-ширин балың тамып.
Жүрөгүм алоолонуп сен деп согот,
Жүз түркүн ойлор мени курчап алып.

Гүлүмдү колума мен кармап алып,
Гүлжаным, сага барам обон салып.
Гүлмүңдөп күтүп алчы, азыр барам,
Кып-кызыл алманы сатып алып.

Сага арнап ырымды жазып алып,
Дептеримди койнума катып алып.
Барамын ашыгып, жол жүрөмүн,
Шалдыраган машинемди айдап алып.

*8.12.23-ж.*







## АЛАЙЫМА

Ак карлуу Алайыма барып алып,
Телмирип тиктеп турам шаңга салып.
Жылт этип күндүн чыккан жарыгына,
Көз уялып, апкаарып да, кубанып.

Сени издеп келдим эле ат арытып,
Артта калган бала чагым сагындырып.
Тосуп алчуу жан барбы эрке кызды,
Алыстагы кызыңарды кубандырып.

*17.01.20-ж.*



## АРБАЛДЫМ

Көргүм келет көздөрүңдү жайнаган,
Уккум келет сөздөрүңдү кайрадан.
Бал тилиңде агажан деп, арбадың,
Жүрөгүмө сезим бердиң кайрадан.

Мен ансайын карындаш, деп тартылып,
Сүйөмүн деп айталбадым, батынып.
Согуп турган жүрөгүмдү токтотуп,
Жүрдүм эле өз сүйүүмдү жашырып.

Тунуп жаткан сезимдерди козгодуң,
Бир өзүңдү кыялданып, болжодум.
Ак сүйүүмдү ачык сага айта албай,
Апкаарыдым, мен бир азга сүрдөдүм.

Агажан деп айтып койсоң, арбалам,
Сага агылат менин бүтүн ой-санаам.
Жашырбастан ачык айтам эми мен,
Түбөлүккө мен да сени сүйө алам.

*12.02.19-ж.*







## АЙЫЛЫМДЫ ЭҢСЕГЕНДЕ

Алайым аска-зоосу көк тиреген,
Ак-боз ат сага айтам тыңдап берсең.
Дартымды бөлүшөөрүм ак-боз атым,
Айлымды сагынганда ыйлай берем.

Ак көйнөк кийип алып аттанамын,
Алайым жерим менен мактанамын.
Дүйнөнү кыдырсам да бир өзүңдөй,
Алайымдай кооз жерди таба албадым.

Алайыма барууну эңсеп жүрөм,
Айла жок, тагдырыма башымды ийем.
Заманыбыз тынч болсо, эң башкысы,
Жаз келсе түркүн укмуш гүлүн терем.

*12.01.19-ж.*



* * *

Кызыл гүлүн берди мага кеч курун,
Гүл сыяктуу назик болуп ийилдим.
Колго алып ошол гүлдү жыттадым,
Сезип турдум сүйүү сезим жыттарын.

Сүйүү келди жаш өткөндө башыма,
Күндө күтөм... жолду карап ашыга.
Алыс жактан карааныңды көргөндө,
Күн сыяктуу жаркыйт маанай ачыла.

Бирге өмүр сүрөбүз деп ойлоймун,
Тилек кылам ачылсын деп жолдоруң.
Тагдыр бизди кошуп калса жуп кылып,
Жарың болуп, кармайын бек колдоруң.

*29.07.24-ж.*







## АРНАЛАТ МАХАБАТЫМ

*(Бирөөнүн өтүнүчү боюнча)*

Махабат отун жагасыз, агай,
Ашыктык башка саласыз, агай.
Арбалып барам күн өткөн сайын,
Жараткан бир күн айласын табар.

Жылуу кеп арнап келесиз, агай,
Буйруса, муңдаш болосуз, агай.
Капилет сизге арбалып калдым,
Качан бир мага келесиз агай.

Сезимим сизге бурулуп калды,
Аттиң ай, буга айла бир барбы?
Уктасам түнү түшүмө кирип,
Кыйнады жүрөк козголтуп жанды.

*25.06.23-ж.*

## ӨМҮРҮМДҮ КАЙТЫП БЕРДИ

Жаш элем ошондо мен секелек,
Бойтолоңдоп, оюнга эч тоё элек.
Ошол күн кайрылып келсе гана,
Мени арбап, жаштык кезге жетелеп.

Эне болдум мен азыр, жаркылдаган,
Чачтарымды анча-мынча бубак баскан.
Мен азыр кырк бир жаштын жолундамын,
Кыбырап орто жаштын кырын ашкан.

Зымырап күндөр өттү, айлар өттү,
Турмуштан канча ирээт көңүл чөктү.
Ошентсе да чөкпөдүм, багынбадым,
Чыйралып кыйындыктан, көрдүм көптү.

Бир ирээт ден-соолуктан аксап келдим,
Ата-энем медерлерим, дем күч бердиң.
Үмүт үзгөн кыз элем ошол кезде,
Жаратканым өмүрүмдү кайтып бердиң.

*19.09.19-ж.*







## АШЫКПАҢЫЗ, АГАЖАН

Алып качсаңыз кантем кокуй, агажан,
Жолдошумду, балдарымды не кылам.
Аларымды таштап эгер мен кетсем,
Бул жашоодо өтө катуу жаңылам.

Бойдок кыздар бардыр сизге, агажан,
Болду, мага кеп салбаңыз кайрадан.
Өтүп кеткен эчак эле кыз кезим,
Жолдошумдун жемесине кабылам.

Унутуңуз сүйүүңүздү, агажан,
Жүрөк оору дартына сиз кабылбаң.
Сүйүп калып жолдошу бар аялды,
Бул турмушта агажаным, жаңылбаң.

*11.07.19-ж.*

## МАЙ АЙЫ

Май майрамы, ардагердин майрамы,
Жүрөк толкуп көңүлдөрү жайдары.
Эркиндик деп эли үчүн кан төккөн,
Баатырлардын аты өчпөйт эч дагы.

Кандуу согуш жашоо өмүр дастаны,
Эске салган каардуу согуш башталды.
Тынчтык үчүн желбиреди желеги,
Ата-журттун ачык болсун асманы.

Жеңиш майрам кайталанбайт миң жолу,
Эрдик өлбөйт, эскерилет жүз жолу.
Жыл өтсө да баатырларды эскерүү,
Баатырлардын кырк бешинчи жылдары.

*14.04.20-ж.*







## СУРАНДЫ

Колум сурап, келип калды бир жигит,
Тизе бүктү шаша-буша энтигип.
Суранамын, кабыл ал деп жалынды,
Чекесинен мөлтүр-мөлтүр тер чыгып.

Эмне мынча кыйналдыңыз, агатай,
Буйруп койсо болосуз го мага шам.
Энтикпестен өйдө туруң, бүгүлбөй,
Эркиңиздин боштугуна калам таң.

Насип кылса кайда барам назданып,
Назик сиздин мамилеңе арбалып.
Кудай кошсо жар болоормун өзүңө,
Турмуш жолун бирге басып аттанып.

Сүрдөбөңүз - сүрдөбөңүз анчалык,
Карап турат элдин баары таң калып.
Эгер мени ошончолук сүйсөңүз,
Айтайынчы мен да элге жар салып.

*24.02.20-ж.*

## АШЫКТЫК ОТУ ЖАНДЫБЫ

Сөздөрдүн терип берметин,
Суктантат агай, келбетиң.
Сүйүүгө чырмап алдың го,
Султаным, качан келесиң?

Арманым ичке катылды,
Көргөнгө Рая шашылды.
Махабат отун жандырып,
Агайым, арбап алдыңбы?

Аргымак аттын асылы,
Жаш өтүп сени таптымбы.
Бишкектен агай, кол булгап,
Жүрөктөн түнөк таптыңбы?

*24.06.23-ж.*





## КУПУЯ БОЛДУ СҮЙҮҮБҮЗ

Эч ким билбес жүрөгүмдө сырым бар,
Айтылбайт го өтсө дагы кылымдар.
Купуялуу сүйүү келди башыма,
Саптарында сен жашаган ырым бар.

Бир туугандай мээрим төктүң өзүмө,
Жалбарып сиз карадыңыз көзүмө.
Жашыганда жөлөк болуп келесиз,
Сергип калам жакшы айткан кебиңе.

Ардандым мен бир туугандын сөзүнө,
Ыйлап жаттым малинанын түбүндө.
Капысынан телефон сиз чалдыңыз,
Жан киргиздиң чөгүп кеткен көңүлгө .

*30.09.23-ж.*

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487368



...огул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ЭЛЕМЕНТ



## СЕЗБЕПТИРМИН

Сезбептирмин сезимдин ыргалганын,
Сүйүүнүн мынчалык тез тутанганын.
Жөн гана мамиледе болуп жүрүп,
Байкабапмын мамиленин уланганын.

Катарлаш жаныңызда басайынчы,
Каректен арзуум сизге чачайынчы.
Мээримге муктаж болуп жүргөнүмдө,
Агатайым, жакшы кебиң угайынчы.

Убакыт сезимди бүт дарыласын,
Агатайым эч качан карыбасын.
Кайрадан жолугуп маектешсек,
Алгачкыдай мамиле жаңылансын.

Сүйүүлөр кайрадан тутанабы?
Сезимдер бир-бирине байланабы?
А балким, быкшыган көмүр сыңар,
Жалынсыз күйбөстөн тек калабы?

*29.06.23-ж.*







## БАЙЛАП АЛДЫҢ

Жаз күнүндөй жагымдуу жаркылдагым,
Шоола чачып жүзүмө, аткан таңым.
Ай нурундай жаркытып жашоомду сен,
Жүрөгүмдү бекемдеп кулпуладың.

Ууртуңдан бал тамып тамчылаган,
Өзгөлөрдөн кызганып улутунам.
Ушул жашка келгенде сүйүптүрмүн,
Кызганычтан күчөп барат сары-санаам.

Жүрөгүмдү ээлеп алдың бүтүн баарын,
Жоолугуңа суктанып назар салдым.
Кара көзүң өзүңө тартып турат,
Жипсиз мени сен чырмап салдың.

*26.06.23-ж.*



## КАЙДА КЕТТИҢ

Тал чыбыктай ийилген тыкан кезим,
Кайрылбастан зымырап кете бердиң.
Кырк бир жашка келипмин бачым эле,
Кылчайбастан кетиптир кыз кезегим.

Кана эле кыз кездеги ошол кезим,
Канча белес-ашуунун гүлүн тердим.
Камаарабай кетиптир көрүнбөстөн,
Эркелеген эселек эрке кезим.

Күндөр өттү билинбестен ашуулап,
Азыр деле кыз кезимдей туюлат.
Белес ашып кетсе дагы кыз кезим,
Жүрөк толкуп сүйүү ыры чуурулат.

*25.07.21-.ж.*





## БАКТЫҢ СЕНИН БОЛОЮН


Агатайым, аламын деп койбодуң,
Алган болсоң Мырзагүлүң болоюн.
Султанмурат сыңарындай сен мага,
Сүйүүң арнап жүрөгүмдү козгодуң.

Булбул болуп багыңа мен коноюн,
Күндө чыгып жолуңузду тороюн.
Даниярдай ээрчип кетсең мен менен,
Жактырган сен Жамийлаң мен болоюн.

Дартыңа мен дабаа болуп берейин,
Долон ашып, сени ээрчип кетейин.
Илияз сынар зилге салып сен кетсең,
Ашык болгон Аселиң мен болоюн.

Тоого чыгып койлоруңду багайын,
Жайнап турсун ай чыккандай жамалым.
Бажырайып Бостон болуп сен келесиң,
Гүлмүңдөгөн Гүлүмканың болоюн.

*7.04.22-ж.*



## ТИГИЛЕМ СҮРӨТҮҢӨ

Сезимдерим башкача сага деген,
Сүрөтүңө тигилип, сүйүп жүрөм.
Сездиң бекен канчалык сүйөөрүмдү,
Кара көзүм, сезген болсоң бараар элем.

Жамалыңды суктанып карай берем,
Жайдар көзүм, мен сага ырдап берем.
Кызыл көйнөк жалжалым, сүйөм десең,
Тээ алыстан сени издеп бараар элем.

Сүйүүм арнап мен сага ыр жазайын,
Кызыл гүлдү колго алып мен барайын.
Күтүп алсаң карындашым, арман болбос,
Макул десең бактымды мен табайын.

*6.04.22-ж.*







## КАТ ЖАЗДЫ

Кат жазды алыстан бир агажан,
Жөнөтүптүр бекемдеп дубай салам.
Колум сурап жазыптыр окуй койсом,
Махабатын арнаптыр сүйүп калган.

Кечиктиңиз, аттиң ай, эх агажан,
Эчак эле бир үйдөн түнөк тапкам.
Бала-чакам өзүмдөй болуп калды,
Кара чачым аппак болуп бубак баскан.

Мен деле кырк үч жашка келип калдым,
Кыздан мен небере көрүп калдым.
Жароокер тай-эне болдум бүгүн,
Агатайым, аттиң ай, сен кеч калдың.

*22.09.21-ж.*

## АЛЫСТА ЖҮРГӨН МЕКЕНДЕШТЕРГЕ

Жүрөсүңөр бөтөн элде оокат деп,
Акча таап, мекениме кайтсак деп.
Кагылайын кыргызым ай, кыйналган,
Адал иштеп үй-бүлөмдү баксам деп.

Аман жүрүп эсен келгин кыргызым,
Асмандагы чолпон жылдыз кундузум.
Мекен үчүн кызмат кылган чоңдор жок,
Бөтөн элге тентиттиңер уул кызын.

Аттиң арман, бир да инсан чыкпады,
Отуз жылда Кыргызстаным куурады.
Элим деген эр-азамат чыкса деп,
Кайран кыргыз жакшы сөзгө суусады.

*12.01.19-ж.*







## КЕЧ ЖОЛУКТУҢ

Жүрөгүмдү ээлеп алдың, агажан,
Сүйүү деген дартына мен кабылгам.
Кыз кезимде бир көрүнүп койсоңчу,
Барбайт белем сизди издеп артыңдан.

Болдуң менин махабатым кечиккен,
Турмуш жолун курган кезде кезиккен.
Бассам-турсам сени гана ойлоймун,
Кандай жашоо өткөрөмүн эми мен.

Жымшык сенин жымыңдаган көздөрүң,
Багындырат балдай таттуу сөздөрүң.
Капысынан сүрөтүңдү көргөндө,
Өпкүм келет сүрөтүңдү, сүйгөнүм.

Аста басып баргым келет жаныңа,
Кантип сага кеп саламын ашыга.
Сени менен түбөлүккө болмокмун,
Ушул өмүр кайра келсе башыма.

*16.03.20-ж.*



## АШЫКМЫН

Арбалыпмын ошондо мен, агажан,
Боломун деп өзүңүзгө жанган шам.
Кызыл гүлүм соолуса да а бирок,
Жүрөктөгү махабатты соолутпайм.

Эстеп жүрөм сенин айткан кебиңди,
Сүйөмүн деп жибитесиң көңүлдү.
Мен да сага андан сайын арбалып,
Сүйөмүн деп айтайынчы, өзүңдү.

Сүйүү деген ушунчалык тунукпу,
Сезимдерге бүлүк салып койдуңбу.
Арбалышып калсам анда барайын,
Эки кылбай агатайым сөзүңдү.

*31.03.20-ж.*





## КАДЫРЫМА ЫЙЛАЙМЫН БААЛАНБАГАН

Менин да арманым бар арылбаган,
Боорукерлик жагымдан башым туман.
Канча адамга жакшылык кылсам дагы,
Кайтпайт экен ошондой аттиң, кылам.

Ичи тарлык кылбапмын эч бир жактан,
Өкүнүчтөн буйруса, дастан жазам.
Эл деп күйүп жүгүрүп жүрсөм дагы,
Кадырым ай, эл ичинде бааланбаган.



## СЕЙИЛ БАКТА

Сейил бакта олтуруп эргүү алам,
Жашыл сары жалбыракты ырга айлантам.
Жамгыр жаап өтүптүр бир аз мурун,
Олтургуч да суу болуптур, олтуралбайм.

Ала-була көрүнөт бак дарактар,
Жерге тынбай түшүп турат жалбырактар.
Чымчыктардын чуркураган үнү угулуп,
Алар дагы жылуу жакка кетип жаткан.

Алтын күз, алып кел мол түшүмдү,
Тосуп алдык биз дагы мына күздү.
Жаанчыл болот окшойт бул айыбыз,
Түшүмдү жыйнагыча дыйкандар да,
Берип тур кудайым, жылуу күндү.

*11.09.24-ж.*







## СУЛУУГА

Арбадың алайлык кыз, агаңды сен,
Асылым бир көрүүнү самап келем.
Көрүнүп койчу мага периштем ай,
Суктанып жамалыңа тойбойт элем.

Алайдын даткасы деп эркелеттим,
Жүрөгүмдү жаралап сыйпап кеттиң.
Жан эргиткен сүйкүмдүү сөзүң менен,
Алоолонгон сүйүүмө дем күч бердиң.

Аттиң ай, билсем неге мурда эле,
Агатайың жан жолдошуң болбойт беле.
Арманда өтөт эми байкетайың,
Жигит кезде жолуктуруп койбойт беле.

*4.12.20-ж.*

## СЕН КИМСИҢ?

Сен кимсиң жүрөгүмдү уурдаган?
Аттиң ай, сезимиме бүлүк салган.
Арзуумду кана эле орундатсаң,
Ишенмекмин чыныгы күйүп жансаң.

Сезимдин ышкы отуна каныктырган,
Сен кимсиң жүрөгүмдү багындырган?
Сезимге бүлүк салам дедиң беле,
Махабаттын отуна жалындаган.

Жалындап махабаттын оту жанган,
Кандай жансың сүйүүңдү мага арнаган.
Чын сүйсөң, жүрөгүмө сепил болчу,
Алоолонгон махабатка жылындырган.

*22.12.23-ж.*





## КАЙРАН ЖАШТЫК

Өмүрүм текке кетти, өтсө жаштык,
Кайран кез, кайран учур, кайран мастык.
Мезгилди таразалап барктап билсең,
Бүт өмүр ал күндөргө кылат аздык.

Жаштык кез өттү-кетти күлмүңдөгөн,
Арадан канча жылдар басып өткөм.
Өзгөрдүм, жылдар өттү зымыраптыр,
Кайрылып келбейт эми мезгил өктөм.

Жаркылдап-жайнап турган жаш курагым,
Турмуштун эмне экенин сезбес чагым.
Жайнаган мөлтүр убак кайда кетти,
Эми мен кыркка жетип калган чагым.

*1.07.19-ж.*



## ДОСТОРУМА

Досторум бажырайган, сулуусуңар,
Жараткандын пендеси - кулусуңар.
Азилдешип, аймалашып айтып келем,
Ортактарым, мен үчүн улуусуңар.

Түбөлүк курбу болдук биз үчөөбүз,
Бир ууртам сууну дагы бөлүшөбүз.
Сырдашып, сыр чечишип түбөлүккө,
Ынтымак биз үчөөбүз бирге өтөбүз.

Шайыр кыз Кулпунайым кубулжуган,
Сүйлөсөң сөздөрүңдөн кумар канган.
Алтыным, бактылуу бол аяш менен,
Жараткан экөөңөргө бакыт сунган.

Роза кыз, гүлүбүздүн ханышасы,
Агажаным үйүңдүн падышасы.
Бактылуу өмүр сүрүп агам менен,
Ылайым бейкуттукта жашасаңчы.





## САГЫНДЫМ

**Кыз:**
Сагыныпмын караанынды көрө албай,
Сага арнаган ырларымды төгө албай.
Санаа тартып карегиңе зар болуп,
Сапырылдым жалгыздыкка көнө албай.

**Бала:**
Сен антпечи мени кыйнап, берекем,
Сагындырган экөөбүздү ким экен?
Сахалинде мен да сага талпынып,
Сагындырбай келчи мага, көлөкөм.

**Кыз:**
Алыстасыз, аман келсин деп тилейм,
Көөдөнүмдөн сүйүү ырын көп издейм.
Жараткандын сыноосунда жүрөбүз,
Экөөбүз тең күкүк менен зейнептей.

**Бала:**
Сүйүшкөндөр бир-бирине жете албай,
Сагынышып бирин-бири көрө албай.
Садагасы, эмне деген кордук бул,
Саргарышып сагынычтан бул кандай?

## АЗАМАТ ИНИМЕ ЫР БЕЛЕК

Жашыбызда аз да болсо айырма,
Сыйлап келет эжеке деп дайыма.
Азаматтай уулдарыбыз көп болсун,
Салым кошот өзүбүздүн кыргызга.

Атына заты келишкен иничегим,
Кудайым ден-соолугун бекем берсин.
Талыкпай эмгек кылып мекенине,
Эл уулу деген наамды бийлик берсе.

Нарындын булагындай тап-тазасың,
Кай жерден билимиңди таптагансың?
Сени өстүргөн ата-энеңе ыраазылык.
Ыйманыңды кудайым кайтарбасын.

Кош майрам кошо келет бул иниме,
Энекеси төрөптүр жыйырма үчүндө.
Кут болсун бирге келген кош майрамың,
Аман жүр алтын иним, эл ичинде.





## САБИРА ЭЖЕГЕ

Сайрап турат мен дегенде Сабира эжем,
Жүрөгүн чын дилинен ачып кенен.
Мээримдүү мага болгон мамилеси,
Аман болсун бөтөн элде жүрөм деген.

Аман жүрүң ай-чырайлуу эжекем,
Асыл сөздүн чеберисиз, берекем.
Кудай буйруп, насип кылса бир күнү,
Жолугууну эңсеп жүрөм эмитен.

Жоодураган көздөрүңүз сүйкүмдүү,
Бир тууганга ушунчалык күйүмдүү.
Жаратkандын сыноосуна кабылбаң,
Көрсөтпөсүн жаратканым ал күндү.

Жакшы сөздүн жарчысы бол, эжекем,
Ширин сөзүн мага айтып дем берген.
Кыргызстанда жакшы жумуш болгондо,
Өз элинде жүрбөйт белең, эжекем.



## ДАНИЕЛДИ ЭСКЕРДИМ

Ат арытып Алайга бардым эле,
Ашыгып алты айыңда бактым эле.
Шум ажал арабыздан алып кетти,
Аттиң ай, жаныбызда жүрбөйт беле.

Жол карытып, жол жүрүп бардым эле,
Жолумдан тосуп чыгып куттүң эле.
Жаркылдап жалгыз тосуп алган күнүң,
Акыркы тосуп чыккан күнүң беле...

О кудай, кайгы башка салган күнүң,
Өзүмө келе албай бир топ жүрдүм.
Сагынып, бүгүн сени калыптырмын,
Садагам, бейиште сен бир жүргүн.

*9.11.23-ж.*







## ЖАЙДАРЫ КЫЗ

Мага жагат жылмайынкы күлгөнүң,
Сезимдерге маани бербей жүрөсүң.
Макул болсоң өткөрөйүн жашоону,
Өмүрлөрдүн канча калган күндөрүн.

Жайдары кыз, мукам чыгат сүйлөмүң,
Токтоо мүнөз, тыкан таза жүргөнүң.
Сырттан карап көз саламын өзүңө,
Билгизбестен тартып алам сүрөтүң.

Кер маралдай басканыңа суктанам,
Кыял сүрүп сүңгүп, сүйүп баратам.
Көңүлүмдү буруп алдың, жалжалым,
Күтүп алгын - сени көздөй баратам.

*31.10.24-ж.*

## КҮТТҮРДҮҢ

**Жигит:**
Күттүрдүң күтөөрүмдү билсең дагы,
Жүрөгүмдүн эзилээрин сезсең дагы.
Неге жаным, түшүнбөстөн кылдың мындай?
Же менин сүйөөрүмө шегиң барбы?

**Кыз:**
Кеткенсиң кол шилтеп ошол кезде,
Калганмын мен ошондо жалгыз үйдө.
Көңүлдү калтырбастан кеткениңде,
А балким издейт белем сени кечке.

**Жигит:**
Мына күндөр өттү канча-канча,
Эсептеп ар бир күндү санаганча.
А балким, тап-такыр ишенбессиң,
Көзүмдөн мөлтүр жашым тамганына.

**Кыз:**
Ошондо ушул акыл кайда эле?
Менин да канча жашым аккан кезде.
Унутпайм, ошол күндөр көз алдымда,
Келбеймин, үмүт кылба эми башка.

**Жигит:**
Ооба жаным күтө берем, күтө берем,
Көзүмдөн жашым агып төгө берем.
Эгерде таптакыр келбесең сен,
Үмүт үзүп өз жанымды кыйып берем.





**Кыз:**
Сен таштап кеткениңде чыдаганмын,
Канча жыл куса болуп кайгырганмын.
Оор күндү өткөрсөм да ошол кезде,
Мен деле өз жанымды кыйбаганмын.

## КЕЧИККЕН МАХАБАТ


Күз келип жалбырактар саргайганда,
Секетим, сен жолуктуң картайганда.
Сүйүүмдү сезсең болот, садагасы,
Окшоорбуз Райымаалы, Бегимайга.

Уктабай далай ирээт түш көрөмүн,
Ичимден улутунуп, үшкүрөмүн.
Сүйүү деген ооруга чалдыктымбы?
Кара көзүм, дабасын сен берээрсиң.

Коңур күз күбө болду ашыгыма,
Улгайганда сүйүү таттуу боло тура.
Жашымда кабылбаптыр ушул сүйүү,
Секетим, ашыктыкты салдың башка.







## БАРЫП КЕЛДИМ АЛАЙЫМА

Ашуу ашып, барып келдим Алайыма,
Мелмилдеп кар бар экен тоолорунда.
Ашыгып төркүнүмдү эңсеп барсам,
Алдымдан тосуп чыкчу болбоду да.

Атадан кийин төркүн жок деп айтышса,
Атасын эңсеп кыздар кайгырышса.
Сооротуп коёор элем мен аларды,
Ичимден сыздаар элем мен да аста.

Муңканып ыйга толду каректерим,
Үшүдү, муздап кетти жаш жүрөгүм.
Атамдын мээримине тойсом кана,
Мүрзөсүн тиктеп туруп келе бердим.

## БАТПАЙ КОЙДУ

Жүрөгүмө батпай койду да бирөө,
Ээлеп алып бербедиң го бөлөккө.
Жүрөгүмдө өзүң гана экенсиң,
Көңүлүм жок эркетайым, бөлөктө.

Айта берем махабаттын казалын,
Райымаалыдай тартып жүрөм азабын.
Сүйүү менен дарылачы жүрөктү,
Асылкечим, сенден даба табайын.

Катып алып мумуядай дарысын,
Сезесиңби жүрөгүмдүн кагышын.
Сен деп согот жүрөк кургур алоолоп,
Эңсейсиңби сендик болуп калышын.





## КОШ, РОССИЯ

Кош, Россия, кетип жатам мекениме,
Ашыгып келдим эле бир өзүңө.
Суугуңа көнө албадым, чыдабадым,
Түйшүктү салбачы жараткан пендесине.

Элирип бир өзүңө келдим эле,
Жашоосу жеңил го деп сездим эле.
Көр оокат деп жүргөн экен кыргыздардын,
Жумуш болсо жүрбөйт беле мекенинде.

Кыйналса да иштеп жүрөт кыргыздарым,
Сагынып мекенинин таза абасын.
Көрдүм мен көздөрүнөн кусалыгын,
Кыйналып жеп жүрүшөт орус нанын.

Аттиң ай, болсо кана өз өлкөңдө,
Жумуш жок тентип жүрөт башка өлкөдө.
Кыргыздын кыйналганын көрүп келдим,
Кана эле ажобуз мигранттар кайткын десе.

## ӨҢҮМ БОЛСОЧУ

Түш көрсөтүп койдуң белең агаңды сен,
Көңүлүмдөн бир өзүңө арбалдым мен.
Сынап көрүп, мен да сенин амалыңды,
Чырагымдай күтүп сени жакын сезем.

Жайнап турган мүнөзүң бар секетим ай,
Агаңды сен күчтөндүрүп дегдеттиң ай.
Аттиң, сезбей арбалышып калган экем,
Жүрөк туйлап бир орунга жай таба албай.

Шайыр мүнөз жаркылдаган эркетайым,
Белестерди ашып өттүм арка сайын.
Ээн эркинче басып келсең бир өзүмө,
Кучак жайып, кучагыма батырайын.

Түшүм эмес, өңүм болуп койсо гана,
Жашым азыр жаш кезегим болсо гана.
Арман сүрүп өтөр болду, агатайың,
Түш көргөндө болуп жүрүп сары санаа.





## ЖАШАЙ БЕРЕМ

Жашаймын күйүт менен арман кылып,
Өчпөгөн махабаттын демине мен.
Өчсө да сезимдерим талкаланып,
Өткөн күндү кыялданып жашап келем.

Өкүнүп жашай берем арман менен,
Сезимдер ойго батып кыял сүрүп.
Өмүрүм өтсө дагы бул жалганда,
Элесиң кала берет мени менен.

Арнагам ак сүйүүмдү сага деген,
Өчпөс болуп бул жалганда жашап келем.
Көңүлүмдү калтырып сен кетсең да,
Соолубас гүл сыңары жашап жүрөм.

Сезимим таза эле сага деген,
Сен кеттиң кол кармашып селки менен.
Кантейин, чанып мени кетип калсаң,
Балдарымдын деми менен жашай берем.

## КЕЛ ДЕБЕДИҢ

Кел дебедиң, мерез мүнөз болдуңуз,
Бек кучактап көңүл албай койдуңуз.
Сыздап турган жүрөгүмдү жибитип,
Назар салбай башкада экен оюңуз.

Ыйлап жүрдүм бир ай бою нөшөрлөп,
Аттиң арман, өзү билип сезээр деп.
Улам карап үмүт шамын өчүрбөй,
Бир күн анан көңүлүмдү табаар деп.

Менден дагы телефонду сүйдүңүз,
Басынттыңыз шылдың кылып күлдүңүз.
Ээнсиретип жалгыз таштап, кел дебей,
Сары санааны башыма сиз үйдүңүз.

Асылыңды алмаштырып башкага,
Жүрө бердиң көңүл салбай жай гана.
Эсен болгун, аман жүргүн, түгөйүм,
Аргасыздан мен да кетем башкага.







## ТҮШТҮК КЫЗ

Сүйүүнү жаш-карыга тегиз берген,
Талпынып куш да учат канат менен.
Түштүк кыз түйшөлтүпсүз байкетайды,
Агайым ак сүйүүсүн арнап кенен.

Түштүк кыз тилиңизден айланайын,
Сүйлөсөң агатайың кумарлансын.
Аке деп арбап алгын асылым сен,
Ашыктыктан жүрөгү жаралансын.

Сүйкүмдүү балбылдаган көздөрүңө,
Балдай таттуу ширин-ширин сөздөрүңө.
Агайым арбалыптыр ашык болуп,
Түштүк кыз, агатайды чанып жүрбө.

## АВТОБУСТА

Жашы өтүптүр жетимишти таяган,
Жаш кыздарга сүйүү ырын арнаган.
Бир байкени көрүп калдым бүгүн мен,
Чачын түзөп кайра-кайра таранган.

Автобусда баратабыз көп адам,
Ырын угуп айрымдары таң калган.
Бири айтты баракелде агай, деп,
А калганы как баш чал деп каргаган.

Өчпөйт экен карыса да сүйүүсү,
Болсо керек анын кайтпас күйүтү.
Бир кездерде ал да болгон боз улан,
Үзүлбөптүр арман сүйүү үмүтү.








## КАРАЙ БЕРЕМ

Элесиңди тиктеп турам суктанып,
Жагымдуусуң, мөлтүрөйсүң суйкайып.
Ээлеп алдың жүрөгүмдү капыстан,
Сени сүйгөн аттиң, ошо менде айып.

Жолдон неге жолуктуңуз, сулуу кыз,
Жүрөгүмдү чырмап ороп койдуңуз.
Ойлой берип элестетип термелип,
Өтпөй калдың жол караймын көңүлсүз.

Улам чыгып жолдон сизди күтөмүн,
Таппай сизди жабыркап мен жүрөмүн.
Суранамын, дарегиңди билдирчи,
Билип алып көңүл толуп жүрөйүн.

Мынчалык мен күтпөйт элем бирөөнү,
Эмне болду, коёюнчу суроону.
Кеттиң окшойт сезимдерди курчутуп,
Кана турмуш, ойдогудай болсочу.

*2.04.20-ж.*



## СООЛУБАСЫН СҮЙҮҮЛӨР

Соолубасын тунук сүйүүң, агажан,
Сөздөрүңө күндөн-күнгө арбалам.
Түбөлүккө сүйүп мени өтүңүз,
Жараткандан, анан сизден суранам.

Күтүп турам бир күн кабар албасаң,
Жүрөк толкуп сүйүүгө мен балкыгам.
Эстей берем сүйөм деген кебиңди,
Кирпик какпай, аппак таңды атырам.

Түбөлүккө бекем болсун сүйүүбүз,
Ар убакта бирге өтсүн күнүбүз.
Кол кармашып өткөрөлү өмүрдү,
Аман эсен ден-соолукта жүрүңүз.

Соолубасын сиздин берген гүлүңүз,
Эч убакта урабасын үйүбүз.





## КЕЛЕ ЖАТТЫМ

Жалгыз аяк жол менен келе жаттым,
Жол четинен бир жигитти учураттым.
Мага карап жылмайып баш ийкеди,
Жолум улап токтобой кадам бастым.

Токто деди, коңур үнү катуу чыгып,
Бачым басып терең-терең улутунуп.
Жетип келди артымдан ылдам эле,
Чуркагандан сүйлөй албай дем кысылып.

Жоодураган кара көзүң арбап алды,
Ай карындаш, агаңды сен аярлачы.
Шашып айтты ушул кепти үлгүргөнсүп,
Жароокерим, жүрөгүмдөн түнөк тапчы.

Ага карап бир саамга жылмайдым мен,
Көздөрүбүз көзүбүзгө чагылды тең.
Аны карап бат эле сүрдөп кеттим,
Билинбестен кебине арбалдым бейм.

*13.11.22-ж.*



## ЧЫН МАХАБАТ

Сезимим сага деген таза бойдон,
Унутпа, алыс жашайм жаман ойдон.
Суранам, чын көңүлдөн ишен мага,
Жүрөгүм жалгыз сага арнап койгом.

Ак сүйүүм апапакай тунук, таза,
Күтүүдөн мен күндөрүмдү санап кана.
Келемин деп кезигүүгө өзүң менен,
Ашыгамын чын махабат сага таза.

Жок дебестен сен да мага жолуксаңчы,
Кызгандырып башкаларга жолукпачы.
Жактырам, дайым сени жактырамын,
Сезимимди сезип туруп толуктачы.







## ТАМАШАЛУУ ЫР

Кызылдан көйнөк кийемин,
Кыдырып сени издеймин.
Кылыгың курсун көксөткөн,
Издөөдөн иттей жүдөдүм.

Кашымды керип көз салам,
Кургуруң кана, үн салсаң.
Ат менен мени издетпей,
Ашыгып мага бет алсаң.

Ак боз ат менин мингеним,
Алайда жүрүп үйрөндүм.
Ат менен келип жарышсаң,
Алыңды сенин көрөйүн.

Жарышка түшүп жеңөйүн,
Териңди сенин төгөйүн.
Кыз куумайга чыгарып,
Көңүлүн элдин бөлөйүн.

*24.10.24.*



## ЭРТЕЛЕП


Көлдү бойлоп басып келдим таң эрте,
Айланчыктап, Аккуулар да айланган.
Үлбүрөгөн кызыл, жука көйнөгүм,
Учуп турду канаттуудай шамалга.

Күн кылайып чыкканча турдум тиктеп,
Мелмилдеген көл үстү майда толкун.
Акырын согуп турду сыдырым жели,
Шырп-шырп этип жээкке чыгып турду.

Айлана боп-боз туман курчап алды,
Мени да апкаарытып ойго салды.
Күз келип ысык аптап солгундаптыр,
Жараткан, чыдабашка айла барбы.







## ЖҮРӨЛҮЧҮ МУҢАЙБАЙ

Жүрөгүм ооруп турат, сыздагансып,
Бир илдет чырмап алып кыйнагансып.
Адамзат ден-соолукта болсо деймин,
Жүрсө дейм жүрөгүмдө сүйүү калкып.

Эртелеп турса деймин булбул таңшып,
Жел жүрсө гүлдөрдүн жыты аңкып.
Маанайым ачык болуп жүрөөр элем,
Шаңкылдап ырларыма обон салып.

Турамын гүлдөрдүн жытын искеп,
Дарактын кооздугун көпкө тиктеп.
Куштар да мени карап суктангандай,
Жүргөнсүп аралап сүйүү издеп.

*6.11.24.*

## АРЗУУ ЫРЫ

*(Бир агайдын өтүнүчү менен жазылды)*

Мики деп койдуң атымды, жаным,
Намазга эрте тура албай калдым.
Будильник болуп ойготчу мени,
Жарысын эрте аткан бир таңым.

Маңдайга жазган балбылдак шамым,
Буйруса, болоор өмүрлүк жарым.
Шаңкылдап күлсөң дем берет мага,
Сен менен күнүм өтсүнчү, жаным.

Сүйүүгө балкып жүрөмүн, балым,
Эстесем сени күн өтпөйт, жаным .
Эсимден танып баратам, аттиң,
Сүйдүрүп мени жүрөктү жардың.

Колуңду кармаар күн келет, жаным,
Эртели-кечтир боломун байың.
Бетиңди тосуп сүйдүрүп койчу,
Эркелеп мага кара көз Райым.





## ЖАШ ӨТКӨН КЕЗДИН АРЗУУСУ

*(Бир эженин өтүнүчү менен жазылды)*

Ырыңды уксам жазылат черим,
Сүйкүмдүү Мукаш, угулат кебиң.
Сүйүүңдү арнап келесиң мага,
Аттиң ай, болбос коёлу чегин .

Арманын катып үч балам калат,
Атасын эстеп күйүп бир жанат.
Рабия жаш кыз болсочу, аттиң,
Бир амал кылып айласын тапмак.

Көзүмдү айтып суктандың, Мукаш,
Кызыл гүл арнап бербедиң, Мукаш.
Келбетим сага жактыбы, айтчы?
Ашыгың сенин канчага барат.

Махабат оту алоолоп жанат,
Рабия сулуу ынанбай калат.
Насип бир болбой калсачы эгер,
Жигиттин гүлү арманда калат.

## РАБИЯ ЭЖЕНИН ЖОЛДОШУНА

*(Рабия эженин суранычы боюна жазылды)*

Жанашып жүрчү элек, жаным биргем,
Көз ачып көргөнүм - сени сүйгөм.
Касымым, кете бердиң мени таштап,
Сагынып, самап жаным, сени эстейм.

Ак сүйүүңө чөккүм келет мелмилдеген,
Азабына кайгынын жеңдирбеген.
Атаганат, өзүң жоксуң сүйгөн мени,
Касымым ай, мен сени жоктой берем.

Рабияң куса болуп сени самап,
Элестетип бир өзүңдү танам эстен.
Айлам барбы, тагдырдын жазмышына,
Кээ бир кезде муңканып ыйлап келем.





## ТАГДЫР

Ырлар менен өтүп жатат күндөрүм,
Тагдырыма ыйлап, абдан жүдөдүм.
Бешенеме оор тагдыр жазылып,
Кудайыман бакыт сурап жүрөмүн.

Татаал күнгө кабылдым да, жаңылдым,
Жашоодо мен канча жолу зарылдым.
Жараткандын сыноосуна кабылып,
Ысык-суугуңа согулдум да кагылдым.

Бай да кылып, кедей кылып сынадың,
Көрсөттүң го азап менен жыргалын.
Атаганат, күндөр өттү билинбей,
Ашуу ашып, нечендеген кырларын.

Шүгүр кылам, ушул күнгө жеткенди,
Эстебейин өткөн менен кеткенди.
Кайра баштан жаралбаймын эми мен,
Күтөйүнчү келе жаткан көктөмдү.



## ЭНЕ

Балам деп, эт жүрөгү эзилгенде,
Апамдын кадырына жетпей келем.
Кабыргам кайышат аттиң, бирок,
Жашоонун мыйзамына баш ийем мен.

Өстүрдүң азабымды тартып, апа,
Өзүңө алыстамын бара албаймын.
Өзгөнүн энелерин көргөнүмдө,
Өзүмдү күнөөлөймүн, алсыраймын.

Тагдырдын сыноосуна кабылганда,
Жанымда чарк айланып башымдасың.
Атамдын жоктугун билгизбестен,
Мага сен ата да ордундасың.

Ак сүтүң актайм апа, үмүтүм чоң,
Буйруса, ажылыкка алып барам.
Мойнумда карызымды аткарам деп,
Апаке, бир сен үчүн шамдай жанам.





## ГҮЛ ӨҢҮМ

Бозоро түштү гүл өңүм,
Өзүңдү күтүп жүрөмүн.
Күттүрүп дале келбейсиң,
Өңүмдөн азып жүдөдүм.

Бар чыгаар сенин күтөөрүң,
Арасат калды эх, үйдөгүң.
Балдарды дагы ойлобой,
Бейкапар өзүң жүрөсүң.

Жашоом да бир күн оңолот,
Сезимдер барып жоголот.
Кайрылып келсең ошондо,
Мамиле кайра оңолбойт.

## МАЙЫШТЫРДЫ

Тагдырым татаал жолдон майыштырды,
Жараткан оор сыноого кабылдырды.
Ушакчылар ортобузга бүлүк салып,
Экөөбүздү ажыратып, бөлүп тынды.

Кемчилдик кетти окшойт экөөбүздөн,
Кечирим сураар элем, жаным биргем.
Алдым мен айыбымды моюндадым,
Сес берсең сени издеп табаар элем.

Сени мен мурдагыдай сүйүп жүрөм,
Арачынын торуна чалындым мен.
Агатайым, эстечи Чүрөгүңдү,
Сезимдерим башкача сага деген.

*30.01.23-ж.*





## АЙТЫШКА ЧАКЫРЫК

Кана, чыккын баарыңар,
Жашың менен карыңар.
Айтышалы биз бүгүн,
Тарыхты казып айтыңдар.

Аламан айтыш куралы,
Элдин көөнүн буралы.
Эки-экиден айтышып,
Бүгүн черди жазалы.

Айтыша турган жан барбы?
Ашып келем кырларды.
Жолумдан чыкса жолоочу,
Төгүп берем ырларды.

Канат мырза, келиңиз,
Жөнүңдү айтып бериңиз.
Бирикмеде айтышып,
Өзүңдү сынап көрүңүз.

Ким бош болсо чыгыңар,
Айтыла турган сырым бар.
Баарың чыксаң айтамын,
Чыкпасаңар бул жакка,
Кетип калам куюндай.

## КАЙРЫЛУУ

Эмне болду, чыкпадыңар айтышка,
Убакыт жок болду окшойт жазышка.
Үн катайын деген бир да жан жоктой,
Жоопсуз калат жазгандарым учурда.

Айтыш болсо такшалабыз, тапталып,
Безилдеймин карыз бардай какшанып.
Кайдыгерлик өкүм сүрөт, аттиң ай,
Бириктирген болбостур эх, менчелик.

Такшалса деп талпынамын таң эрте,
Тыңшап турчу бир да инсан болбоду.
Торго түшкөн алтын балык сыяктуу,
Тилектерин аткарамын болгону.

*24.11.24.ж.*





## КҮТҮҮСҮЗ СЕЗИМ

Күз келип, жалбырактар саргайганда,
Сүйүү келди жаш өтүп, улгайганда.
Махабатты аздектеп алсаң, агам,
Жүрмөкбүз ээрчишип көктөм жазда.

Коңур күз күбө болду махабатка,
Булбул да сезгендей конду шакка.
Алоолоп жүрөк кургур, согуп жатты,
Келеби, эх, сезимдер ушул жашта.

Эч убакта мындай сезим болгон эмес,
Болгону түш көргөндөй мындай элес.
Байкатпай келди окшой сынагансып,
Чын сезим бул азыркы, түшүм эмес.

*6.12.24-ж.*



* * *

Адашкан кайык суугa агып барат,
Адашып калагы жок калкып агат.
Максаты кайда экен, сурабадым,
Кыжымы кызыл жоолук селки жанат.

Көгүлтүр көп-көк көлдүн оюну шок,
Көл дагы түшүнгөндой толкуну жок.
Чайпалбай кайык жылжып оюн бузбай,
Кыжымы кызыл көйнөк бийкеч жоктоп.

Кайыктын калагы жок кайда барат,
Агын суу жылоологон кайда алпарат?
Максатсыз сүзгөн өңдүү жол тескебей,
Кыжымы кызыл кийим айым агат.

Айымдын айтпай турган катканы бар,
Арманын агын суугa айткандыр ал.
Кыжымы кызыл жоолук колундагы,
Сыр болуп бийкеч көлдө бекем катаар.





## ЖОЛУГАМ

Гүлүмдү колума кармап алып,
Гүлжаным, сага барам обон салып.
Гүлмүңдөп күтүп алчы, азыр барам,
Кып-кызыл алманы сатып алып.

Сага арнап, ырымды жазып алып,
Дептеримди койнума катып алып.
Барамын, ашыгып жол жүрөмүн,
Шалдырак машинамды айдап алып.

Жүрөсүң жүрөгүмдү уурдап алып,
Жүзүңдөн ширин-ширин балың тамып.
Жүрөгүм алоолонуп сен деп согот,
Жүз түркүн ойлор мени курчап алып.

## АЙНУРАЛАРГА

Айнуралар айдай сулуу айымдар,
Барысынын беттеринде калы бар.
Көздөрүнөн ыйман нуру тамылып,
Сулуусуңар адаштарым, баарыңар.

Айнурларым жүздөрүнөн бал тамып,
Көргөн жигит көз чаптырып суктанат.
Билиминин мыктылыгын көргөзсө,
Жигиттери оозун ачып таң калат.

Айнуралар, адаштарым, аман болсун,
Баштарына балбылдаган бакыт консун.
Талыкпастан эмгек кылып мекенине,
Ар убакта жолдоруңар шыдыр болсун.





## КАЙРЫЛУУ

Эмне болду, чыкпадыңар айтышка?
Убакыт жок болду окшойт жазышка.
Үн катайын деген бир да жан жоктой,
Жоопсуз калат жазгандарым учурда.

Айтыш болсо такшалабыз тапталып,
Безилдеймин карыз бардай какшанып.
Кайдыгерлик өкүм сүрөт, аттиң ай,
Бириктирген болбостур эх, менчелик.

Такшалса деп талпынамын таң эрте,
Тыңшап турчу бир да инсан болбоду.
Торго түшкөн алтын балык сыяктуу,
Тилектерин аткарамын болгону.

## БАЛА КЫЯЛ

Шайы көйнөк жайкалып жыргабаган,
Битке өчөшүп... эмнеге ырдабаган.
Бала кыял мүнөзүңдөн айланайын,
Сүйүүдөн эч пенделер сыздабаган.

Бегимай да бир кезде жыргабаган,
Эки жуптун сүйүүсү ырда калган.
Бир болушпай сүйүүнү туу тутушуп,
Экөө бирдей сүйүүсүн өрткө айланткан.

Эми биз да ырыңды укпайбызбы?
Шакылдатып колду чаап турбайбызбы?
Махабаттын дастанын укпай калып,
Ошондогу элге окшоп сыздайбызбы?

Кана жаштар, бүгүн биз жыргайлычы,
Таарынычты унутуп ырдайлычы.
Махабаттын дастанына күбө болуп,
Экөөңөрдүн айтышыңды тыңдайлычы.







## БАЙКАДЫМ

Жазайын мен Ала-Тоо санаттарын,
Ачайын дептеримдин барактарын.
Сан түркүн ойлор келсе, кубулжуган,
Табайын ыр берметтин кайрыктарын.

Жазайын эки акындын махабатын,
Агайдын карындашы, асылдардын.
Арзышып айтыш курат ордобузда,
Байкадым бул экөөнүн ашыктарын.

Көрүп келем көркөмдүү жазышканын,
Баа бердим издешпей табышканын.
Келечекте кең болуп жолдоруңар,
Кайрылбасын экөөңдүн канаттарың.

*13.01.25-ж*



## ЖАН ШЕРИГИМ

Кызыл жоолук жалжалым,
Кызыл чачтуу ак таңым.
Тизилип турган тишиңден,
Эх, өпсөм сенин бетиңден.

Жыттасам сенин жытыңдан,
Күлгөндө көзүң кысылган.
Жасалган айдын нурунан,
Сүйгөмүн алгач абыдан.

Ашыкмын сага, Ай нурум,
Тагдырдан тапкан күн нурум.
Жаркылдап эсен жүрө бер,
Сыйлаймын сени колуктум.





*Аманжол Жансейтов*

## КЫРГЫЗДАН АЛАМ БИР КЫЗДЫ

Кыргыздын алам бир кызын,
Боломун деди жылдызым.
Көңүлдөр бирге жарашса,
Не кылам издеп башкасын.

Көңүлү көздөп жыргаса,
Казак да ага ынасын.
Баш кошуп неге турбаса,
Аллахым көктөн колдосо.

Үйлөнөм болду ал кызга,
Дебесин Казак тормузда.
Көңүлдөр чалкып жыргаса,
Айланаар жарык жылдызга.

Кыргыз, Казак бир тууган,
Көңүлү чалкып ыр курган.
Каршылаш конгон мекени,
Эзелтен бери бир тууган.

*Которгон:* ***Айнура АПИЕВА.***

# ПОЭТИКАЛЫК АЙТЫШТАР

## *Мамбет менен болгон айтыш*

**Мамбет:**
Орозодо сабыр көп эле,
Ачка эмес, курсак ток эле.
Агаңдын чама, чаркы аз,
Айтышка анча жок эле.

**Айнура:**
Сабыры жок эрке кызмын эселеген,
Акча эмес, айтышка чыгам деген.
Агамдын чамасын чачып көрсөм,
Куюлуп ырлары чыга келген.

Ушундай дудукту да сүйлөтөмүн,
Агатай, айтышып кана көргүн.
Алайдан датка чыккан чегинбеген,
Айтышка жокмун дебей бери келгин.

**Мамбет:**
Ой боой,
Кыйнаба мени карындаш,
Ыр жазыш кыйын артыкбаш.
Жазаарбыз эргүү келгенде,
Аман болсо алтын баш.

**Айнура:**
Кыйнап эле чыгарамын,
Агатайым, антип мени сынабагын.





Эргүү келип турганда жок дебестен,
Төрт саптан болсо дагы ырды жазгын.

**Мамбет:**
Казып койуп ыр кудукту,
Сүйлөтсөң дурус дудукту.
Шар жаза албай такалам,
Болсо да ырдан уютку.

Акындык сапарга кадам,
Жол чалып, топтоп адам.
Ырга жакын адамдарды бириктирген,
Айнура, азаматсың абдан.

**Айнура:**
Казамын ырдын кудугун,
Артынып келип куржунун.
Такалып калсаң жазалбай,
Күтүп бир сени турумун.

Апендинин кызындай мактап салды,
Ай ааламда ушундай агам барбы?
Акындыктын жолунда бирге болсок,
Үйрөнгөнгө агатай, айла барбы?

**Мамбет:**
Күтө тур, анча-мынча агайыңды,
Ойлонуп алып анан жазайынчы.
Антпесем качып жатат эргүүлөрүм,
Толкуган жүрөк азга басайынчы.

**Айнура:**
Күтө турам агатай, күтө турам,
Ойлонгуча мен дагы сөздөн табам.
Эргүүлөрүң качпасын, Маке ага,
Ырлар жазсаң Алыкулга окшоштурам.

**Мамбет:**
Ар тараптан мактаймын,
Ай, ааламга даңктаймын.
Кыргыздын чыгаан кызы деп,
Эмгегиң сыйлап баалаймын.

**Айнура:**
Мактаганга ушундай агам болсун,
Башыңызга балбылдаган бакыт консун.
Алайдын ашуусунан ашкан кезде,
Ушундай агаларым тосуп алсын.

**Мамбет:**
Кыргызда кыздар бар тура,
Ырга жакын, шар туура.
Бириктирген көп элди,
Бири сен, сулуу Айнура.

**Айнура:**
Айланам агатайым, элесиңден,
Таап келдим интернет желесинен.
Айнур кызга жөлөк бол, асыл агам,
Экөөбүз тең бир жерден Алай деген.

**Мамбет:**
Алайдын ашуусун ашкан кезде,
Чалып кой, же жазып кой СМСке.





Жайдын толгон кезинде жолугушуп,
Ичишели ак кымыздан бир кесе.

Айланып кетейин тоо, суусунан,
Боломун Алайдын Корулунан.
Айтышка чыгың деп сүрөп жатып,
Карындашым жолуктуң кокусунан.

Айнура карындашым,
Өйдөгө, өргө чыксаң өбөк болуп,
Ылдыйда мүдүрүлтпөй жөлөк болуп.
Жүрөйүн эмгегиңди колдоп, баалап,
Кантип эле калайын бөлөк болуп.

**Айнура:**
СМС жазамын Чыйырчыктан,
Кең пейил агам бар кымыз сунган.
Жайлоого жеткенде тосуп алсаң,
Ичели Алайымдын кымызынан.

**Мамбет:**
Ой, Чыйырчыкка жеткичекти СМС жаз,
Ооба Айнур, ошенткениң туура, саз.
Анткени, алайлык болгон менен,
Ош шаарында жашаймын, ал ырас.

**Айнура:**
Айланып кетейин абасынан,
Боломун мен дагы Сопусунан.
Агам деп эркелеп турам азыр,
Терип туруң Корулдун ышкынынан.

**Мамбет:**
Кымызды бир ичелик боз үйдө,
Ышкынды бир терелик тоо, түздө.
Алайдын тунук суусун кана жутуп,
Эргүү топтоп кайталы бир күндө.

**Айнура:**
Келиңиз кыйын күндө жөлөк болуп,
Мүдүрүлсөм тар жолдо өбөк болуп.
Жүрөлү тайгак жолдо тайыбастан,
Даңгыр жолдо ыр жазып күлүк болуп.

**Мамбет:**
Карындаш айтканың келсин дайым,
Жарык нур чачып турсун күнүң, айың.
Ыр менен гүлдөтөлү жан дүйнөнү,
Ага жана карындаш болуп дайым.

**Айнура:**
Ой жакшы экен, Оштон анда жолугабыз,
Чыйырчыктан анда экөөбүз бир чыгабыз.
Алайымдын абасынан кере жутуп,
Конок болуп жайлоого бир чыгабыз.

**Мамбет:**
Ооба Айнур, ошондой кыл, ошол кезде,
Ош шаарынан бир кетебиз таксиде.
Чыйырчыктын кымызынан ичип алып,
Андан ары кирип барсак туулган жерге.

**Айнура:**
Аткарам ишеништүү иштин баарын,
Тилегимди берсин оомийин, жаратканым.





Ушундай агам турса жөлөк болуп,
Өтөт го билинбей аткан таңым.

**Мамбет:**
Айлыбызга кирип барсак ээрчишип,
Акын уулу, акын кызы келди дешип.
Кучак жайып, күтүп алаар экөөбүздү,
Колдо болгон сый урматын энчилешип.

**Айнура:**
Сүйсөңүз агатай, ак бетимден,
Кезикпеңиз кокуй күн жер бетинен.
Жаныңдан тойгон болсоң, Мамбет ага,
Алып кет күйөөм жана балдар менен.

### ***Кенже менен болон айтыш:***

**Айнура:**
Бүгүн мен болом үкү эне,
Күндүзү уйку сойду эле.
Үкү ата келсе айтышам,
Он эки жарым болду эле.

Үкү кыз мында калыптыр,
Күндүзү уктап алыптыр.
Тийишсем экен кимге деп,
Тамаша оюн салыптыр.

**Кенже:**
Калемди колго алыпсыз,
Тамаша сөздү салыпсыз.
Көрүнбөйтко башкалар,
Барысы уктап калыптыр.

**Айнура:**
Калемди колго алганда,
Үкүлөр уктап калганда.
Айтышам деп чыгыпмын,
Саат жебеси бирге барганда.

**Кенже:**
Калемди колго алайын,
Керемет сөздү салайын.
Колдоону берип баарына,
Кылдыңыз акын далайын.

Айтайын анда эжекем,
Баркыңыз күнгө тең экен.
Сиз менен жүргөн адамдын,
Келечек жолу кең экен.

Эргүүлөр келсе келиңиз,
Таасындап ырды териңиз.
Угамын сизди, эжеке,
Акыл, кеңеш бериңиз.

**Айнура:**
Үкүлөр мында калбады,
Өтүп барат жай дагы.
Кырк градус ысыкта,
Жараткан башка салганы,
Өтүп кетет ал дагы

Жатайын эми жабышып,
Отура бербей жазышып.





Үкү ата келбей койгондо,
Олтурам чиркей менен алышып.

**Кенже:**
Жакты мага сөзүңүз,
Уйкуга көңүл бөлүңүз.
Бейпил түн каалайм эжекем,
Түш төрөсүн көрүңүз.

**Айнура:**
Айтканың келсин, алтыным,
Ыр-күүгө менин жакыным.
Сен да жакшы түш көргүн,
Бир кыздын ачкын бактысын.

### *Казак акыны Сагын ага менен болгон айтыш*

Айнуржан, айналайын келбетіңнен,
Сендей қыз таппаймын ғой жер бетінен,
Телефонға суретіңді жібере ғой,
Жақсылап сүйіп алам мен бетіңнен.

### *Казак жигити менен болгон айтыш*

Кош келдик казактардын талаасына,
Туш келдим Аманжолдон баласына.
Биримдик ортобузда бузулбасын,
Бекем болсун достугубуз арабызда.

Анарбайдай агам мага калжыңдады,
Ары бери сүйлөтпөй, басылбады.
Аманжолго жол берип бир аз турса,
Арабызга мамилебиз аралайды.

Акындар тыңдаңыздар айтышымды,
Аманжол үйлөнөм деп айтты ырды.
Айурду албай калган Элмирбек да,
Аманжол, аласыңбы Айнур кызды.

Аманжол кыргыз кызын аламын дейт,
Буйруса Кыргызстанга барамын дейт.
Алып кетип Айнур кызды Алматыга,
Буйруса, өмүрлүк жар боломун дейт.

Бауларым бакылдап той баштайды,
Анан мени balaңар ыйлатпайбы?
Чек арадан тос дептир апкежаным,
Башта кызды балаңар ынатпайбы.

Салам айтам жалпы журт баурума,
Көңүл бөлгүн боордошум авазыма.
Ал акыбал сурашып салам айтам,
Бүкүл журтка кандашым казагыма.

Шайы көйнөк жайкалып жыргабаган,
Битке өчөшүп эмнеге ырдабаган.
Бала кыял мүнөзүңдөн айланайын,
Сүйүүдөн эч пенделер сыздабаган.

Бегимай да бир кезде жыргабаган,
Эки жуптун сүйүүсү ырда калган.
Бир болушпай сүйүүнү туу тутушуп,
Экөө бирдей сүйүүсүн өрткө айланткан.

Эми биз да ырыңды укпайбызбы?
Шакылдатып колду чаап турбайбызбы?





Махабаттын дастанын укпай калып,
Ошондогу элге окшоп сыздайбызбы?

Кана жаштар, бүгүн биз жыргайлычы,
Таарынычты унутуп ырдайлычы.
Махабаттын дастанына күбө болуп,
Экөөңөрдүн айтышыңды тыңдайлычы.

*25.07.24-ж.*

**Казак жигити Эрмек менен болгон айтыш**

**Эрмек:**
Аманжол досым шыдалық!
Айнұрды күттің, шын, анық!
Ертерек келсе аруың,
Болады сосын құдалық!

**Айнура:**
Ойгоном күндө таң эртең,
Тилек кылам таңда мен.
Буйруса, барып каламын,
Оо дүйнө узап кетпесем.

**Эрмек:**
Отбасын Айнұр құрағын,
Абекеңе жаным ұнадың!
«Бақытты ет!» деп, тек қана,
Біл Алладан сұрағын!
Шын ниетпен сұрасаң,
Қазақтан болар тұрағың!

**Айнура:**
Казактан болсун түнөгүм,
Аманжолду кана сүйөмүн.
Насип бир кошсо жар болом,
Тилегим менин күдөөрүм.

**Эрмек:**
Сезімнің кәусар бұлағын,
Татсам деп мен де тұрамын!
Қырғыздан менде қыз алып,
Бажа болып тынамын!

**Айнура:**
Табабыз сага сулуу кыз,
Кыргызга күйөө болуңуз.
Бир кызды ала барайын,
Калыңын Ермек сунуңуз.

**Эрмек:**
Қырғыздың болсам күйеуі,
Сұлудың болып сүйеуі.
Қалың малым дайын тұр,
Қызыңды көрсет, Айнұржан!
Сөз арнайын жүйелі

**Айнура:**
Кыргыздын салтын колдоном,
Ары-бери басып толгоном.
Көрүндүк берсең көрсөтөм,
Салтты бир айтып койбосом.





**Эрмек:**
Салтыңнан сенің айналдым,
Сөзіңді естіп жайландым.
Көріндікті Айнұр берейін,
Керегін таңда қай малдың!

**Айнура:**
Эсеп счёт анда жөнөтөм,
Калыңды бир аз көбөйтсөң.
Сүрөтүн Ермек көргөндө,
Жүрөк оору болуп кетпесең.

**Эрмек:**
Жүрегім менің шыдамды,
Қалаймын, әзіл, жыр-әнді!
Дүние емес маған керегі,
Қыздарың болса ұнамды!

**Айнура:**
Каадасыз бизде салт болбойт,
Калыңсыз кыргызда кыз болбойт.
Кымызды суусаганга бер деген,
Кызыңды сураганга бер деген.

Теңтуштук азил курдум мен,
Башкага сөздү бурдуң сен.
Бекер эле беремин мен сага,
Кайрадан көңүл бургун сен.

**Самира менен болгон айтыш**

**Самира:**
Жай саратан болсо дагы жылытпай,
Көңүл чөгүп, супсак баары кызыктай.
Жан дүйнөмө жаккан жакшы ыр менен,
Жаным мага келер бекен жылып жай.

**Айнура:**
Жайын кышын көңүлүңдү чөктүрбө,
Күлгүн жашты бекерге сен өткүрбө.
Жайдын ысык аптабында үшүсөң,
Ырын арнап келет азыр жаныңа.

**Самира:**
Ыр арнаган асылымды күнү-түн,
Күтөм кышы, жайда үзбөй үмүтүм.
Жаным жыргап учам балким, көктөргө,
Жакшы ырлар жаралганда мен үчүн.

**Айнура:**
Үмүтүңдү үзбөй келгин, алтыным,
Ыр-күүлөргө бекем менин жакыным.
Жан жыргаткан ырларынан арнаса,
Бул да болсун урмат-сыйы сен үчүн.

**Самира:**
Жакшы сөзгө жаным жыргап жашарып,
Көңүл назик бүрдөп кетет агарып.
Бар болуңуз, ырлар менен коштогон,
Жетекчибиз тайпабызга баш багып.





**Самира:**
Төкмөлөр өткөн кыргыздан,
Төгүп бир сапты ыр кылган.
Түгөнбөй айткан дастанын,
Түн ичи чууруп кеп курган.

Сүйүүнү айтпай токтотуп,
Башкага сөздү окшотуп,
Ким чыгат, анда айтышка,
Кол булгап мында жол тосуп.

**Айнура;**
Тарыхты анда айтып бер,
Кыргыздын кенин казып кел.
Байыркы өткөн күндөрдү,
Шурудай санап тизип бер.

**Самира:**
Кыргыздын басып өткөнүн,
Каадалуу, сындуу өктөмүн.
Билбеген жандар азыр көп,
Айтуучу ага көп сөзүм.

Урпагы ыйык Манастын,
Кулачын жайган канатын.
Кең көкүрөк кең далы,
Жигиттер өткөн жана тың.

Чачына тагып чачпагын,
Күн нуру берип аптабын,
Күлкүсү сонун жарашкан,
Кыздарын бирден айтайын,

Уласам сөздү бир баштан,
Түгөнбөс болор бүт дастан,
Айтмакмын эгер кебимди,
Угайын дешсе уктабастан .

**Айнура;**
Айта бер Кыргыз тарыхын,
Эскиси менен жаңысын.
Эч болбосо мен угам,
Ойготом анда баарысын.

**Самира:**
Чукуган болсом тарыхын,
Чынында жетпес сабырым.
Чуубуртуп көзгө элестейт,
Чыныгы кыргыз баатырың.

Алыска кеткен макталып,
Айтылуу Манас даңкталып.
Ар дайым турган эр жигит,
Айбаттуу болуп ат салып.

Таанылып дүйнө журтуна,
Тайманбас ушул эл мына.
Токтобой айтсак таң атаар,
Турагы сонун жер мына.

**Айнура;**
Чукусаң анда тарыхты,
Чыдамым жетет азыр бу.
Чымырканып, чыдаймын,
Угамын таштап уйкуну.





Айтып кет ата журтуңду,
Ага кошуп дагы урууңду.
Тарыхты тактап айтып бер,
Угайын анда мунуңду.

* * *

**Айнура;**
Саптарың да турат окшоп сүйүүгө,
Сезип калдым сураныччы көзүңдө.
Кечигишип кездешишти классташ,
Турмуш жолун курган бир эх, кезинде.

**Самира:**
Ооба, сүйүү деген келсе сезилбей,
Коё албассың, ыр арнашып эзилбей.
Кеч болсо да жолуктурган арзууга,
Сүйүп калсын жаштык ошол кезиндей.

**Айнура;**
Келген экен сүйүү мында билинбей,
Кытайлардын чужалжыган чебиндей.
Түнү бою уктабастан айтышып,
Уйкунун да келгендиги сезилбей.

**Самира:**
Аруу таза сүйүү болсун ар убак,
Сүйүү түнү келсе жакшы бир убак.
Эч ким тоскоол болбой түнү айтышка,
Калыппыз ээ, мазза кылып биз уктап.

**Айнура;**
Ооба, ошондо уктап калдык карылдап,
Экөө айтышты тоскоолу жок шыпылдап.
Сүйүү келип, сүңгүп кирип айтышты,
Бирин-бири сүйүү менен дарылап.

**Самира:**
Сүйүү менен жүрөк байкуш эс алса,
Сүйөм сени, сүйөм сүйөм деп алса.
Сап аралап келер балким эргүүлөр,
Сүйүү деген аба менен дем алса.

**Айнура;**
Махабат бул тунук таза керемет,
Сүйүп калса түн ичинде издетет.
Дары менен айыкпаган жараны,
Чын сүйүүнүн деми менен түзөтөт.

**Самира:**
Кош кареги талбай түндөп күзөткөн,
Махабат бул күчтүү жана курч өктөм.
Унутулбас адамыңа айланат,
Келген болсо сүйүү деген жүрөктөн.

**Мунарбек байке менен болгон айтыш**

**Мунарбек:**
Ыш кымыз бала кезде татканыма,
Ыраазы болуп кетип айтам мына.
Ыксырап бараткандай сезилемин,
Ысуулап көлөкөлөп басканымда.





**Айнура:**
Ныксырап көлөкөдө басканыңда,
Жайыптыр тал дагы шактарын да.
Көз айнек тагып алып келе жатат,
Суктандым майда майда басканыңа.

**Мунарбек:**
Акың бар, алда кокуй суктанганга,
Анткени акын акең кызга таң да.
Кур эле сөзүң менен айта бербей,
Кел мага куюлуп ак стаканга.

Жут, акаң бар экенин билесиң, эй,
Жутайын анан жүзүм ширесиндей.
Деңизди түгөткөнсүп суусум канып,
Деги эле бир суусабай жүрөрмүн, эй.

**Айнура:**
Келгин деп, Мунар агам чакырыптыр,
Жүз граммдай чамасы бастырыптыр.
Жутайын ширесинен жүзүм согун,
Жол тартам стаканга сен куюп тур.

Деңиздин мүрөгүнөн ичесиз, э,
Талпынып мага жетпей жүрөсүз, э.
Тагдырдын тайгак жолун басып өтүң,
Чыдасаң бир заматта келесиң, э.

**Мунарбек:**
Жутпаган жүз граммды жутту десең,
Жут агаң мас болгондой болот экен.

Келсең кел, бир байкашып көрөлүчү,
Кенедей боюң менден өтүп тестен.

Жазганың жарачыдай сезилесиң,
Жашсың да өпкө, боорду эзип ийерсиң.
Деңизде пароходдо бараткансып,
Үстүңдөн сүзүп өтсөм не дээр экенсиң?

**Айнура:**
Кокуй күн, сүзүп өтпөй калыңыз, ов,
Сүйүүнүн сүрдүү сөзүн саласыз, эх.
Агажан, апкаарылып кеттим бир аз,
Оо аттиң, байкетайдын жүрөгү шок.

**Жумабек аке менен болгон айтыш**

**Жумабек:**
Экөөндө тең, жок экен ээ жоолугу,
Муну айтсам, тосушпайттыр жолуму.
Жазганыма капа болбо, Айнур кыз,
Сүйгөнүмүн сонун экен форуму.

**Айнура:**
Жоолугу жок деди мына, Жумакем,
Жасанышкан бир күн мурун экөө тең.
Салынгыдай кемпир белек, эмине,
Жап-жаш азыр карый элек экөө тең.

**Жумабек:**
Ал айтканың туура эле, чырагым,
Экөөң бирдей, мен жактырган ынагым.
Аким досум сурап калды колуңду,
Сени эле берсемби деп турамын.





**Айнура:**
Кармабады авам бүгүн колумду,
Күмөн албаң тоорубады жолумду.
Сейил бакта сүрөт алды жөн эле,
Кызганычтан тырмабагын бооруңду.

**Советбек менен болгон айтыш**

Агарып аткан таңга окшоп,
Мен издеп жүргөн жанга окшоп,
Чыгып койчу бул жакка,
Булуттан чыккан айга окшоп.
Жарым саат жол жүрөм.
Айтышып кой мага окшоп.

**Айнура:**
Айтышып анда турайын,
Көңүлүн элдин бурайын.
Сулуу кыз сизге келгиче,
Бир шиңгил ырды сунайын.

**Советбек:**
Ырларым турган сакталып,
Таңдайда турган такталып,
Жетекчи өзү чыкканда,
Кеттим го дароо апкаарып.

**Эл-жерди даңктаган Акылбек менен болгон айтыш**

Эл-жерди даңктап көрөйүн,
Көңүлүн элдин бөлөйүн.

Тарыхты казып такылдап,
Бир-бирден санап өтөйүн.

Кыргызстан биздин жерибиз,
Тиңир-Тоо биздин элибиз.
Коздугуна суктанган,
Керемет биздин жерибиз.

Нарындан баштап айтайын,
Чыгаанын бирден санайын.
Көлүмдү кошуп айтайын,
Эс алып мен кайтайын.

Таласты даңктап кетейин,
Суусамырга жетейин.
Жалал-Абад жергеси,
Кең пейил келет элдери.
Сур эчкиге алданып,
Аскада калган мергени.

**Акылбек:**
Бабалар сөзүн тыңдапсың,
Кыргыз жерин ырдапсың.
Мактап-даңктап баратып,
Жалал-Абадды кыйраттың.

**Айнура:**
Башканы айтып нетейин,
Баткенди айтып кетейин.
Өрүгүн жесең өзгөчө,
Касиет сырын чечейин.





Сырларын четтен элейин,
Күрүчүнө келейин.
Айгүл тоону айланып,
Наспайынан чегейин

**Акылбек:**
Айлансам кыргыз жеримден,
Тоолору бийик керилген.
Таланты ташып толкуган,
Садагам, кыргыз элимден.

Таң калдым кээ бир кептерге,
Айланып келдиң Баткенге.
Алайдын кызы Баткендин,
Насбайынан чеккенге.

**Айнура:**
Ордолуу оокат Ошумдан,
Тамшанып жесем ашыңдан.
Арашан аккан Ак-Буура,
Сенде бир сыр катылган.

Мажүрүм тал жээгинде,
Сеңселип шагы ийилген.
Маржан кыздын элеси,
Бир өзүңө берилген.

**Акылбек:**
Кыздары чачы өрүмдүр,
Эс алар ыйык төрүмдүр.
Ааламды берсе алмашкыс,
Каректей Ысык-Көлүмдүр.

Чачтары мажүрүм талындай,
Кыздары аткан таңындай.
Сулайман тоосу өзгөчө,
Көрк берет жердин калындай.

**Айнура:**
Көп элди келсе батырган,
Чөйрөсү кенен абыдан.
Чүйүмдү айтып кетпесем,
Кайышып кетет кабыргам.

**Акылбек:**
Ат-Башы менен Ак-Талаа,
Бийик аска, көп салаа.
Жумгал менен Кочкору,
Картошкалуу кең калаа.

Айлансам Бишкек шаарыман,
Чүй боору кең баарынан.
Көптөгөн элди батырат,
Кызыр Бабам даарыган.

**Айнура:**
Өзгөчө Өзгөн жергеси,
Ыйык бир жандар пендеси.
Айрыкча, даамдуу күрүчү,
Конокторду кел дечү.

Айтайын Кара-Кулжаны,
Баатыр мүнөз уулдары.
Эстен бир кетпес эч убак,
Аздектеп кымыз сунганы.





**Акылбек:**
Сөз жетпес айтсак жерибиз,
Кең пейил, айкөл элибиз.
Залкарларды айтып өтөлү,
Тизгинди буруп эми биз.

**Айнура:**
Ноокатка эми жетейин,
Алмасын терип келейин.
Самсасын сатып күн көргөн,
Тайкелериме салам берейин.

**Акылбек:**
Белгилүү Токмок калаабыз,
Токмоктон кепти салабыз,
«Кут Билимин» калтырган,
Баласагын бабабыз.

**Айнура:**
Залкарлар чыккан элимден,
Санап өтөйүн четинен.
Алымбек атам сыяктуу,
Чыккан ал Алай жеринен.

**Акылбек:**
Келечекти көрө алган,
Бир кылым алга көз салган.
Калыгул олуя бабамдай,
Болбостур баарын таң кылган.

Ысык-Көлдө жети аке,
Ак сакалы Карга аке.

Акыл берер Мойт аке,
Бата берген Сарт аке.

Төл сөзү менен белгилүү,
Кадырлуу Тилекмат аке.
Калыс сөздүү Кыдыр аке,
Сабыр айткан Садыр аке.

Жетинчи акенини унуттум,
Табалбай азыр турупмун.
Билгендер айтып койгула?
Сөзүмө кошуп угутун.

**Тамашалуу айтыш**

**Акылбек:**
Жарык кылган түнүңдү,
Жанган айың болоюн,
Эркелеткен күнү-түн,
Оо жаным, сенин байың болюн.

**Айнура:**
Махабат дастанын жазасың да,
Сен менен отко дагы барамын да.
Сүйүүгө тоскоол болсо эки элиң,
Бегимайдай отко дагы жанамын да.

**Акылбек:**
Бегимай болсоң, чырагым,
Райымалың болоюн.
Жалтанбас оттон, суудан да,
Сенин жаның болоюн.





Сени отко түртпөстөн,
Өрткө өзүмдү койоюн.

**Айнура:**
Аселиң сенин болоюн,
Тууруңа барып коноюн.
Илияз сыңар сен дагы,
Башкага кетчү болбогун.

**Акылбек:**
Айтканыңдай болоюн,
Башкага кетчү болбоюн.
Кеткенден көрө башкага,
Өзүң сындан өткөрсөң,
Дагы бир токол алар болоюн.

**Айнура:**
Соң-Көлдүн башы тал экен,
Токол алчу ою бар экен.
Болоттой жигит бар десем,
Жантайдан бузук чал экен.

**Акылбек:**
Жигитке жетимиш өнөр аздык кыларын билесиңби,
Аа жигитке жети катын аздык кыларын билбейсиңби.
Жетимиш өнөрлүү жигитте,
Кандай энергия барын билбей жүрөсүңбү.

**Айнура:**
Зулайкадай мен сага,
Айыкени ал дейин.
Сага окшогон баатырга,
Эки аял дагы кем дейин.

**Акылбек:**
Нускалуу, нарктуу кептен сал,
Энелерден өрнөк ал.
Курманжан энең алып берсе да жаш айымды,
Алымбек таштап кетпеген Курманжанды.
Нак сүйүү өзүңдө экенин билип ал.

Уйкуга Айнур бардыбы,
Же мага токол издеп калдыбы.
Эл көөнү деп айтыштык,
Тамаша, азил бардыгы.

**Айнура:**
Энемден өрнөк алайын,
Нускалуу кептен салайын.
Атамдай таштап кетпесең,
Өмүрлөш болуп калайын.

**Акылбек:**
Энеңдей болгун атактуу,
Өнүп өс Айнур бак-шактуу.
Сүйүшүп өткөн адамдар,
Дүйнөдө болот эң барктуу.

**Айнура:**
Тамаша айттык, асылым,
Ыр-күүгө менин жакыным.
Жыйынтыктайлы айтышты,
Мени түш көрүп жаткының.





**Акылбек:**
Кош анда, асыл жандарым,
Аман болсун жандарың.
Жакшы түш көрүп жаткыла,
Эртеңкиге калган сөздү камдагын.

**Айнура:**
Саламат-эсен жаткының,
Эртелеп тургун баардыгың.
Китепти барып чыгарам,
Акчасын эстеп салгының.

**Акылбек:**
Айнурум, көздү ирмеппи,
Сүйөрүмдү билбеппи.
Сен турганда байбичем,
Токолум түшкө кирмекпи.

Сени сүйөм чанбаймын,
Өмүрүм сага арнаймын.
Түшүмө кирсе токолум,
Чыгып тур деп айдаймын.

**Алмазбек менен болгон айтыш:**

**Айнура:**
Каерден болот жериңиз?
Бар бекен алтын кениңиз?
Алайдын кызын ардактап,
Мукамдуу чыксын кебиңиз.

Дастанын жазып түгөтпөй,
Куттүрүп мени жүдөтпөй.
Келбейт бекен бул мырза,
Олтурам мына күн өтпөй.

**Алмазбек:**
Садагасы, бермети,
Сабына кошсом термемин.
Санааркап калган экенсиң,
Сулууларды жеңбеймин.

Алайдын сулуу периси,
Албетте, угам кебиңди.
Арчалуу тоонун кызысың,
Айтууга койбо кебимди.

Мен дагы бийик тоодонмун,
Мекендеп чыкчу зоолордун.
Мээримин төгүп, апамдай,
Мекеним салган чоң жолдун.

Мезгилсиз тартып араба,
Мен дагы киши чоң болдум.
Мекеним Өзгөн шаарында,
Туулгамын Куршаб таңында.

Өстүрүп мени, чоңойтту,
Асырап апам айылда.
Мээлесең найза учумун,
Мелжиген тоонун кушумун.
Мээнетиң алам, апаке,
Атамдын мурун жытымын.





Сен болсо датка урпагы,
Санаттан бүткөн турпаты.
Термеден айтсаң тирешип,
Тең сага пенде чыкпады.

Тегизсиң баардык пендеге,
Талпынып сүйлөп тең келе.
Табасың дартын баарынын,
Дабаалап окуп келмеге.

**Айнура:**
Дастаның жазып келдиңби?
Далилдеп жериң бердиңби?
Саламын айтып сабында,
Ирээттеп сөздү тердиңби?

**Алмазбек:**
Аялдар - баарың гүлсүңөр,
Асмандан тийген Күнсүңөр.
Асырап сүйүп тургандай.
Асмандан түшкөн пирсиңер.

**Айнура:**
Аялды гүлгө теңеди,
Жеңемден укпа жемени.
Сүйбөй элге жазышың,
Өзгөртүңүз термени.

**Алмазбек:**
Асырап баккан кунандай,
Алдестеп таксаң, тумардай.
Адашып кетсең, урушуп.
Аста бир чаккан жыландай.

**Айнура:**
Жыланга мени теңеди,
Өзгөрттүң десем термени.
Адашып алса сүйөм деп,
Укпасын дедим жемени.

**Алмазбек:**
Унчукпай тиктеп турушат,
Уламдан улам урушат.
Теманы өзгөрт дегениң,
Укпаймын, желке тырышат.

Сүйөмүн десем кыздарды,
Сүйбөй бир кал деп, сыздады.
Сырымды укпай кеткенге,
Сыягы, жүрөк муздады.

**Айнура:**
Желкеңиз анда курушса,
Жеңекем сизди урушса.
Менде күнөө болбосун,
Эскерттим агам, урушпа.

**Алмазбек:**
Айтканыңды угайын,
Адашпай гүлүм сунайын.
Айлуу кечте мен барам,
Аста урданып чыгарсың.

Аста чык, эч ким укпасын,
Апаңдар абдан уктасын.





Күтөмүн сени урданып,
Кучүгүң үрүп чыкпасын.

**Айнура:**
Телефон келди кашайып,
Кубаты андан азайып.
Бошобой жаттым сүйлөшүп,
Анан жаттым жасанып.

**Алмазбек:**
Кашыңа коюп кашташты,
Кадырлап тарап чачпакты.
Чыкканча мага жашынып,
Кашайып уктап калбаспы.

**Айнура:**
Кучүгүм жок, үзүлбө,
Апам дагы үйүндө.
Урданып чыксаң күтөйүн,
Сүйөт го деп сүйүнбө.

## НУРИЛА ЭЖЕГЕ ЖООП

Айтышка бүгүң ачылып,
Айнура сиңдим чыгыптыр,
Алдынан тосуп Алмазбек,
Азаматтык кылыптыр.

Эң сонун айтыш болуптур,
Купулга көптүн толуптур.
Акырында Айнуркам,
Сүйүүсүнө Алмаздын,
Жооп бербей коюптур.

**Айнура:**

Ачылып чыксам айтышка,
Келдиңиз эми, сиз мында.
Алмазбек агам арнады,
Сүйүүсү болду бир нуска.
Жооп берсем анда мен,
Жеңем чыксын урушка.

**Сүйүү жөнүндөгү Акылбек менен болгон айтыш**

**Айнура:**

Жоксуз го сиз, Жолдошуп,
Айнура кызды жоктотуп.
Уйкучу болуп кеттиңби,
Коңурукту кош тартып.

Жүрөгүмдү козготуп,
Сезимимди ойготуп.
Сүйүүң арнап койсоңчу,
Кош колуңду шоктонтуп.

**Акылбек:**

Айнур кызым, жарыгым,
Суудагы алтын балыгым.
Калагын сүрөп жазыпсын,
Сагынычтын кайыгын.

Айнурум, менин жарыгым,
Сездирдиң кеткен айыбым.
Супсак бир күндөр өтүүдө,
Сагынып сени жарымым.





Өчпөс от менин сезимим,
Жүрөгүңдүн ээсимин.
Жүрөктөн жалын учурам,
Ойгонсун сенин сезимиң.

**Айнура:**

Ойгонду менин сезимим,
Каерден агам жердигиң?
Издеп сизди барайын,
Сүйүүмдү сиз да сезгиниң.

Өчпөсүн агам сезимиң,
Гүл тумар мага бергиниң.
Гүлмүңдөп сактап алайын,
Ошол го сенин эрдигиң.

**Акылбек:**

Айланып кетсем сенин элесиңден,
Арылбай арбын ойдун желесинен.
Мен дагы сени ойлоп таң атырам,
Махабат бийик ашуу белесинен.

Байырлап калдың менин жүрөгүмдөн,
Бир тамчы ооз тийгизчи мүрөгүңдөн.
Өмүрлүк жарым болуп калсаң эгер,
Армансыз өтөр элем бир өмүрдөн.

**Айнура:**

Айланып кетсең менин элесимден,
Арбалып барайынчы келем десең.
Ак жоолук салып башка энчилеп ал,
Табайын түнөгүңдү жүрөгүңдөн.

Жасачы «Титаниктин» кемесинен,
Ашайын сүйүү деген белесинен.
Аздектеп алсаңыз ынааркайын,
Арылайын арбын ойдун желесинен.

**Режабали ага менен болгон айтыш**

**Режабали:**
Күз келип, жалбырактар саргайганда,
Жаш өтүп сен да, мен да картайганда.
Азабым козгогонуң туура бекен,
Кап кара тармалдарың агарганда?..

**Айнура:**
Кап кара тармал чачым бубак басты,
Нечен нечен жылдар өтүп ашуу ашты.
Азабын козгогонум туура болбойт,
Турамын аттиң ай деп серпип кашты.

**Режабали:**
Чын эле ашканыбыз ашууларды,
Кубалап кол жетпеген арзууларды.
Колуңан келсе, сенден сураарым-
Кайырып келчы кеткен аккууларды...

**Айнура:**
Колдон келчү нерсе болсо, кайрымакмын,
Кайрадан ашмакмын жаштыктын ашууларын.
Жетпеген арзууларды орундатып,
Айдап алып келмекмин махабаттын кайыктарын.





**Режабали:**
Ишенем келмегине кеткендердин,
Алкаймын сүйүүсүнө жеткендердин.
Ырыңдан кубат алып жолго түштүм,
Көтөрүп махабаттын желкендерин!

**Акимжан аке менен болгон айтыш**

**Акимжан:**
Айтыша турган жан барбы,
Күтпөскө менде ал барбы?
Ким келсе дагы айтышам,
Көрөйүн анда чамаңды.

Ким чыгат кана, айтышка,
Демимди менин басышка.
Эр-жигиттер бар бекен,
Гүл берип, тосуп алышка?

О кокуй, мында жан барбы,
Кетирди менин санаамды.
Бир сааттан бери күтөмүн,
Чыкпады «мөө» деп үн дагы.

Альманах айтыш башталды,
Айнура чукул капталды.
Араңарда кимиң бар,
Баштагын, баарың жазганды.

Ассалоому алейкум,
Ала-Тоо, Алтай аманбы,
Амандашсам жаманбы?

Амандыкта көрүшкөн,
Ала-Тоо Алтай санаты.

Келгиле бери, келгиле,
Аликке колуң бергиле.
Кими бары - кими жок,
Айнура өзүң белгиле.

Жөн келбей жорго мингиле,
Жорго салып келгиле.
Аламан айтыш башталды,
Акын сөзүн тергиле.

Киминң барсың-киминң жок,
Карасам чиркин, бириң жок.
Өртөнгөнсүп баратам,
Ичим күйүп жалын чок.

**Айнура:**
Чыксаңыз анда айтышка,
Келеттир жүрсө той-ашта.
Өзүм бир баштап берейин,
Жигиттер мени жеңе алса.

Айтышты баштап турабыз,
Агатай, кана улаңыз.
Жолтоо болгон жигитти,
Жорголотуп кубабыз.

Кайда кеттиң, агатай?
Келсеңиз мени каратпай.
Эргүү келип турганда,
Үмүттү үзүп качырбай.





**Акимжан:**
Кетип кайда барайын,
Айтыштан мен да калбайын.
Өз оюмду баарыңа,
Чогулгандар, айтайын.

Элимди мен сатпаймын,
Сен чакырсаң качпайын,
Тилим кыска, сөз узун,
Айтаарымды тактайын.

* * *

**Акимжан:**
Не анчалык капаланып, сузданып,
Өтүп жатса сары санаа кусалык?
Кубат үчүн айтышка чык атты чаап,
Жорго салдырып, калемиңе учкашып.

**Айнура:**
Суроо салсам эч ким чыкпай айтышка,
Капаландым бир аз мен да сузданып.
Кубат алып чыга келдим аттанып,
Аким ава, калем сабым жанымда.

**Акимжан:**
Суроо салбай, камчы алчы аттанып,
Кабар алып жаткандарга жазданып.
Чыга калсын жетекчибиз келди деп,
Айтыш куруп, колдорун чаап шаттанып.

**Айнура:**
Камчы салсам сүргүн болом булардан,
Какшык кепке заарланып ууланам.
Өзү билип, чыга калса кана эле,
Ошондо мен колду чаап кубанам.

**Акимжан:**
Үкү болдум, үңүрөйгөн түндөрүм,
Уйкусурап күн чайыттай күндөрүм.
Узун түндө улап билик жандырам,
Курбу кылып үлбүл жазган чырагым.

**Айнура:**
Үкү ата деп сизди атап жүрөмүн,
Угуп алса урушпасын үйдөгүң.
Үшкүрүнүп, улутунуп уктабай,
Уйкусуздан мен да агам, жүдөдүм.

**Агай менен болгон алым-сабак**

**Айнура:**
Жазылыптыр ырларыңыз тизмектеп,
Жүрүң агай, жаш акынды жетелеп.
Жол көрсөтүп, билбегенин үйрөтүп,
Насаат айтып катаңды сен оңдо деп.

**Агай:**
Жаш кыздардай коркосуң го, секелек,
Кантип анан алып жүрөм жетелеп.
Колдон келген акылымды айтмакмын,
Акындык ыр чыгат сенден эселеп.





**Айнура:**
Бар болгону агай, турмуш тараза,
Ташы ордук кылат экен ал жакка.
Анча-мынча эргүү келсе чиймелеп,
Жазып коём аз да болсо макала.

**Агай:**
Жазгын ырды илхомуңдун барында,
Сактап аны не кыласың карынга.
Үшүтүптүр шүмшүктөрүң уйпалап,
Коркпо Айнура, өзүм бармын жаныңда.

**Айнура:**
Билбегенди сурагандан тартынам,
Тагдырдын ай, сыноосуна кабылгам.
Үйдө отуруп сынап көрөм өзүмдү,
Анча-мынча ыр жазганга ашыгам.

**Үпөл менен болгон айтыш:**

**Үпөл:**
Салам, алтын Айнура,
Убакыт таппай айтышка.
Жүрөмүн мен да үлгүрбөй,
Кире албай кээде группага.
Бир келип черди жазсам деп,
Буулугуп жүрүм бул тапта.

**Айнура:**
Алик алдым, жээкем,
Мактасам айга, күнгө тең.

Алышып-ойноп күлөлү,
Сиңдиңди кана, эжем, жең.

**Үпөл:**
Айнура жаным, жакшы жүрөсүңбү,
Маанайың жарык дайым күлөсүңбү.
Жаштыгың курчтугуңду бекемдесин,
Айтышка чыксам мени сүрөйсүңбү.

**Айнура:**
Айтышка чыксаң эжем, сүрөп алам,
Сиңдиңден жалындуу ысык салам.
Жүрөмүн эл катары кырды ашып,
Эргүү келсе калем алып ырды жазам.

**Үпөл:**
Сен менен айтышууну эп көрбөймүн,
Көңүлдү бийик тутам, бир гөрдөймүн.
Өзүңө тең келе албай эжең жолдо,
Буулугуп жүрөм ыйлап мен өлбөйүн.

Мыктысың, ырларың да мыкты сенин,
Кандай адам болду экен сенин теңиң.
Алайдын кызы деп мен билип жүрөм,
Алоолоп жакшылыкта этек-жеңиң.

**Айнура:**
Эжекем, өлбөймүн деп эмне айттың?
Андан көрө өр тартып, белес ашкын.
Периште бата берет жаман сөзгө,
Таппаймын эжелердин чын сендейин.





**Үпөл:**
Рахмат жаным сиңдим, сөздөрүңө,
Нуруң бар мени ойготкон көздөрүңдө.
Тилиңде таттуу балың чачырап сен,
Дем кубат бере аласың бир өзүмө.
Алтын кыз, дайым ушул мыктылыгың,
Жылытат мээрим салат жан дүйнөмө

Айнуш кыз, жигиттер да барбы мында,
Айтышка келсе болмок жигиттер да.
Негедир унчугышпайт, аңдып карап,
Чакырсаң кошуп үнүң чакырыкка...
Кыздарды тамаша кылып отурушпай,
Келишсин айтышууга, чер жазууга

**Айнура:**
Алайдын кызымын, тастыктаймын,
Кара-Суунун жетими менин жарым.
Сизди дагы бир көрүшүп билип жүрөм,
Кызысыз тээ алыскы Чоң-Алайдын.

**Үпөл:**
Ооба алтыным, экөөбүз эже-сиңди,
Эскиден тааныштарбыз, эл да билди.
А көрсө Кара-Суудан түтүн булап,
Арнаптырсың Кара-Сууга балдуу тилди.

**Айнура:**
Жигиттер үн катпай олтурушат,
Алайлык эки кыздан айбыгышат.
Сүрдүү кыздар экөөсү бирдей чыкса,
Анан эжем, алар кандай сөз табышат.

**Үпөл:**
Бактылуу өмүр сүргүн, асыл жаным,
Бакытка толкутса экен асыл жарың.
Татына сендей кыздар татыктуу да,
Макталып дайым болуп элдин алдың.

Оой Айнуш, сен ушундай тийиш жасап,
Сөздөрүң тийип кетет жара тырмап.
Жигиттер эми анык чыкпай коёт,
Сүрдөтүп качырбагын аларды аяп...

**Айнура:**
Ой кокуй, оозум шундай шок эле да,
Сиңдиңиз айбыгуудан жок эле да.
Эми кантип түздөнөм сыпаа болуп,
Алгач мурда бал тилим бар эле да.

**Үпөл:**
Айнура, күтүп анан жылып кетти,
Жигиттер жок экен деп чыгып кетти.
Чакырып күлкү шатта айтыш куруп,
Бек келгин көрктөндүрчү ушу кечти.

**Гүлбара менен болгон айтыш**

**Гүлбара:**
Калайык калкым аманбы?
Баарыңа айтам саламды
Туура жазсам тексти,
Аким авама жагамбы?
Күлүктөр түшсө жарышка,
Артында калып каламбы?





Ээлеп алды ырларың,
Сай-сайлап кеткен санаамды

**Айнура:**
Калкыма салам берипсиз,
Тизмектеп сөздү терипсиз.
Ырларды жазып таң эрте,
Бир нече жерди кезипсиз.
Аким авама жагам деп,
Сынын туура сезипсиз.

Сай-сайлап кетсе санааңыз,
Айтышка анда жараңыз.
Жумакемди чакырың,
Тынчысын анан санааңыз.

**Гүлбара:**
Казалды жаздым камынып,
Күүгүмдө келдим чамынып.
Канакей, кыздар жигиттер,
Аламан айтыш баштайлы,
Калбасын Айнур таарынып.

**Айнура:**
Келдиңизби чамынып,
Олтурам күтүп, сабылып.
Жумакемди айтканда,
Кеттиңиз окшойт ачылып.

**Гүлбара:**
Мезгилим күүлөп канатын,
Түн кирсе кайра тан атып.

Дем алып бүгүн кайрылдым,
Уйкуга кетип баратып.
Үкүлөр жазган ырларды,
Быйтыкча басам жаратып.

**Алмаз мырза менен болгон айтыш**

**Айнура:**
Алмаз агам чыгыптыр,
Чоң айтышты куруптур.
Кызып кетип капыстан,
Ыр берметин сунуптур.

**Алмаз:**
Чу дегенде берилип,
Топко кирем теминип.
Токтой тур де, эжени,
Кайырмакка сен илип.

**Айнгура:**
Токтото турам эжемди,
Сазайын берет келгенди.
Айтышсаңар ал менен,
Сүйөм десең капыстан
Угасың андан жемени.

**Алмаз:**
Уйку келди деп чыкты,
Убайга салып кеп кысты.
Угайын дегем, эжемди,
Уурданып качып тып пысты.





**Айнура:**
Уйкуга кетпейт, келишет,
Жумакем менен эңишет.
Сүйүү айтыш курушуп,
Тизмектеп анан төгүшөт.

**Алмаз:**
Жумакем менен айтышып,
Көнүп калган экен го.
Жүрөгү тандап бирөөнү,
Болуп калган экен го.
Кеп салган мендей жигитти,
Жини менен сөгүп калган экен го.

**Замир менен болгон айтыш**

**Замир:**
Эргүүңүздү жылытайын, жакшынам,
Ырларыңды окуганга ашыгам.
Сүйлөгөндө шилекейден бал тамып,
Сөздөрүңө жүрөгүмдөн багынам.

**Айнура:**
Эргүү келсе ыр жазганга шашылам,
Ырларымды окуганга ашыксаң.
Шилекейиң агылбасын, агажан,
Кандай жансың сөздөрүмө багынган?

**Замир:**
Эх, татынам, атыр гүлдүн жытысың,
Балкып турган жүрөгүмдүн кынысың.
Айтыш курчу, бир сүйүүгө батайын,
Тайпа ичи, акындар да кызысын.

**Айнура:**
Эзилбесин жүрөгүңүз эзели,
Махабаттын чокусуна жетели.
Айга, күнгө теңеп алсаң асырап,
А болбосо айга учуп кетели.

Гүлгө теңеп ырды агам, жазыпсың,
Жүрөк толкуп ырыма сен балкыгын.
Сүйүүгө мен алып келсем, агажан,
Эх, байкетай, арбалып эй, курудуң.

Айдап келдим алыстан кайыктарын,
Махабаттын тизмектеп кайрыктарын.
Замир агам сүйүүсүн арнап жатат,
Ага дагы бир амалдап айла таптым.

**Замир:**
Эх, Айнуру, кандай жан элең,
Айга да, күнгө тең белең.
Сүйүүнү жазып ыр менен,
Жүрөк эзген жан белең

Асылым деп айга теңеп жүрөйүн,
Ай нурундай жамалыңды сүйөйүн.
Бирок жаным, билип калса кантемин,
Аялым деп, асыраган түгөйүң.

**Айнура:**
Түшүнөт го ырды, асыл түгөйүм,
Антип айтпаң, учуп кетти үрөйүм.





Айтыш куруп ыр жаратсам болгону,
Коркпо агам, бир айласын табайын.

**Замир:**
Анда макул, түшүнсө эле болгону,
Менде чыгат, махабатка толгонуу.
Ырларымдын даамын анда татып көр,
Бир өзүмө сырдага алсаң болгону.

**Айнура:**
Угайынчы анда ага, ырыңды,
Айтып чыкчы махабатың, мунуңду.
Айтышалы алтын тамга барактап,
Жакшы кепке көңүл кургур бурулду.

**Замир:**
Уксаң айтым, арман менен сырымды,
Сүйдүм анда, бир айылда кызыңды.
Сырдаш болдум, сыр чечишип түн бою,
Таарынтпаң деп, түшүнбөдү чынымды.

**Айнура:**
Атаганат, кандай сизди түшүнбөйт?
Эч болбосо сүйүүсүнө күйүнбөйт.
Андай болсо, махабатты аздектеп,
Мындай жандын сүйгөнүнө сүйүнбөйт.

**Замир:**
Аппак кыз да, айдай жүзү сүттөн ак,
Болду деди, жүргүн деди саламат.
Болдү жазба, махабаттан кайттым дейт,
Берген өңдүү сүйүүсүнө үч талак.

**Айнура**:
Кызың түшкүр, берген экен үч талак,
Арман уксам кеч кирет да, таң атат.
Жыйынтыктап айтышты биз чектейли,
Уйкум келип, көз сүзүлүп баратат.

**Замир:**
Талак десем жүрөк түшүп калганбы,
Ал да мага салган окшойт арманды.
Аял киши берген талак жарабайт,
Анын берген талагы да жалганбы?

**Айнура:**
Ал да анда бир кишини тапканбы,
Бөөдө эле арман башка салганбы?
Махабатка азгырыптыр ошондо,
Сиз да жүрүң сак-саламат оболу.

**Замир:**
Тапса мейли, бактылуу жан болсунчу,
Талак берип, алдаганын койсунчу.
Ал жөнүндө жазган бүткүл ырыма,
Көңүл кушун салып эле койсунчу.

Бакыт кушун бирге учуруп туурунан,
Биз жашайлы махабаттын жолунан.
Бактылуулук, ырашкердик жылоолоп,
Тынчтык, достук бузулбасын сабынан.

*7.01.25-ж.*





**Экинчи жолку болгон айтыш:**

**Замир:**
Келчи гүлүм, айтышалы сүйүүдөн,
Биздей болуп башкалар да сүйүшкөн.
Махабаттан четтегендер алсыз да,
Кээ бирлери сагынычта жүрүшкөн.

**Айнура:**
Райымаалы, Бегимай да сүйүшкөн,
Махабаттын дастанына күйүшкөн.
Экөөбүз да ошолордой сүйүшүп,
Арылалы сары-санаа күйүттөн.

**Замир:**
Ооба эркем, билем алар арманын,
Сүйүү с[illegible]у толкуп-ташып жатканын.
Бегимайдай сулуу кызды тапканы,
Жаратты да махабаттын дастанын.

**Айнура**:
Айтпаңызчы, бөлөктөргө дастанын,
Укпаңызчы, арыз муңун башканын.
Мени эле сыйлап агам, аздектең,
Айтып берем ырларымда калганын.

**Замир:**
Айтпайм эми, башкаларга арзуумду,
Сүйөмүн деп келтирбеймин ачууңду.
Мейли эркем, бир өзүңө эркелеп,
Сүйүү сунуп, күтөм кабыл алууңду.

**Айнура:**
Кабыл алгын агатайым, арзуумду,
Кызганычтан көздөн жашым куюлду.
Эркелетип өтөөр болсоң, макулмун,
Менин дагы угуп койчу муңумду.

**Замир:**
Сүйүүдө барбы муң, кайгы,
Сырдашым, айтпа мындайды.
Сүйүлүп жүргүн, ардагым,
Сүйдүрүп дайым агаңды.

**Айнура:**
Кызгансам болот муң, кайгы,
Карабаң эч сиз кыздарды.
Жалгыз мени эле сүйсөңүз.
Айтпаймын агатайым, мындайды.

**Замир:**
Сүйдүрүп коюп агаңды,
Караба дейсиң кыздарды.
Көздөрүм азыр тумандап,
Карамак белем кыздарды.
Жан эркем өзүң турганда,
Агаңа башка кыз барбы.

**Айнура:**
Сезимим сизге болгон таза бойдон,
Сезимимди кабыл алың ушул бойдон.
Сиз мага чын көңүлдөн ишениңиз,
Жүрөгүмдү жалгыз сизге арнап койгом.





**Замир:**
Сезимдин жылуулугун тартуулаган,
Сүйдүрүп, жүрөгүмдү аруулаcаң.
Жан дүйнөм, ишендирип айта алам.
Мен дагы чын көңүлдөн арууланам.

**Айнура:**
Жүрөгүңдүн дүк-дүк этип согушун,
Туюп турам мага болгон дабышын.
Мендик болуп өмүрүңдү өткөрсөң,
Арнаар элем жүрөгүмдүн баарысын.

**Замир:**
Эх, жан эркем, жүрөгүмдүн барысын,
Тартуу кылып, белек кылам өзүңө.
Кара көзүң көздөрүмө кадалып,
Жашайсың го жүрөгүмдүн төрүндө.

**Айнура**:
Агатайым жүрөгүмдү козгодуң,
Ачык болсун ар качан ак жолдоруң.
Султанмурат сынарындай сен мага,
Сүйүүң арнап Мырзагүлдөй болжодуң.

**Замир:**
Алыс барбай, Жолболдуну айтайын,
Чолпонунда ырга кошуп жазайын.
Биз экөөбүз махабатты таарынтып,
Мен да анан, боздоп ырым жазбайын.

**Айнура:**
Баспаңызчы Жолболдунун жолдорун,
Андан көрө чын махабат орносун.
Алмашым деп, Ырысбайдай ырдаңыз,
Ырга кошуп чабандардын койлорун.

**Замир:**
Ырлардын болдук чебери,
Махабат гүлүн терели,
Жүрөктө оттор алоолоп,
Сүйүүгө койдук себеби.
Жолболду менен Чолпонун,
Унуттук, болду дешели.

**Айнура:**
Токтогул да Алымкан деп сыздаган,
Чубак дагы жеңеке деп ыр жазган.
Көлдү бойлоп Айдайым деп Алыкул,
Токон акем Муңдашым деп ырдаган.

**Замир:**
Олжобай менен Кишимжан,
Сүйүшүп өткөн дүйнөдөн.
Өкүнүч ырын ырдашып.
Өткөндөр канча өмүрдөн.
Аздектеп көңүл турбаса,
Чыгарат баары көңүлдөн,
Алтыным, бизде андай жок,
Адашпайм эми өзүңдөн.
Кызганам эми жан эркем,
Башкадан деле, өзүмөн.





**Айнура:**
Көңүлүм сага бөлүнгөн,
Сен менен өтөм өмүрдөн.
Арзууңду арнап ыр жазсаң,
Оомийин десин периштем.

**Замир:**
Көңүлүң издеп күзөтсөм,
Сагынып сени жүдөсөм.
Унутуп койбо, садагам,
Чыгарып салып жүрөктөн.

**Айнура:**
Чыгарбайм сени көңүлдөн,
Сагынтып агам, жүдөтөм.
Унутпаймын мен өзүңдү,
Сүйгөмүн жаным, жүрөктөн.

**Замир:**
Чындыгы сүйүү жагынан,
Чын сүйүү болуп багынам.
Чынымды айтып мактанып,
Чырайын күндө сагынам.

**Айнура:**
Агатай, мага багынсаң,
Ээрчип жүрөм артыңдан.
Чын ажал эле келбесе,
Чырайымды тартуулайм.

**Замир:**
Жаралып келсем башынан,
Кайра эле сага ашыгам.
Жарадар азыр жүрөгүм,
Кезикпей сага жашыңан.

**Айнура:**
Кезиксең боло жашыман,
Кайра эле мага ашыксаң.
Жарадар болсо жүрөгүң,
Жаралам анда башынан.

**Замир:**
Жаш кезде жаным, кайда элең,
Жалындуу жаштык жан элем.
Жакшылар анда көз артып.
Жайдары мүнөз бала элем.

**Айнура:**
Жаш элем шайыр шаттанган,
Жашымдан акын байкалган.
Алайда жүрүп чоңойдум,
Айнур деп атым аталган.

**Замир:**
Алайдан чыккан Курманжан,
Эл башкарып турган жан.
Курманжан кызы сен болдуң,
Ыр жазып чыккан кумардан.





**Агай менен болгон алым-сабак**

**Айнура:**
Жазылыптыр ырларыңыз тизмектеп,
Жүрүң агай, жаш акынды жетелеп.
Жол көрсөтүп, билбегенин үйрөтүп,
Насаат айтып, катаңды сен оңдо деп.

**Агай:**
Жаш кыздардай коркосуң го секелек,
Кантип анан алып жүрөм жетелеп.
Колдон келген акылымды айтмакмын,
Акындык ыр чыгат сенден эселеп.

**Айнура:**
Бар болгону агай, турмуш тараза,
Ташы оордук кылат экен ал жакка.
Анча-мынча эргүү келсе чиймелеп,
Жазып коём аз да болсо макала.

**Агай:**
Жазгын ырды илхомуңдун барында,
Сактап аны не кыласың карынга.
Үшүтүпт[illegible] шүмшүктөрүң уйпалап,
Коркпо Айнура, өзүм бармын жанында.

**Айнура:**
Билбегенди сурагандан тартынам,
Тагдырдын ай, сыноосуна кабылгам.
Үйдө отуруп сынап көрөм өзүмдү,
Анча-мынча ыр жазганга ашыгам.

## АЙТЫШТАН ҮЗҮНДҮ

Кана, чыккын баарыңар,
Жашың менен карыңар.
Айтышалы биз бүгүн,
Тарыхты казып айтыңдар.

Аламан айтыш куралы,
Элдин көөнүн буралы.
Эки-экиден айтышып,
Бүгүн черди жазалы.

Айтыша турган жан барбы?
Ашып келем кырларды.
Жолумдан чыкса жолоочу,
Төгүп берем ырларды.

Канат, мырза келиңиз,
Жөнүңдү айтып бериңиз.
Бирикмеде айтышып,
Өзүңдү сынап көрүңүз.

Ким бош болсо чыгыңдар,
Айтыла турган сырым бар.
Баарың чыксаң айтамын,
Чыкпасаңар бул жакка,
Куюндай артка кайтамын.





## АЙНУРА АПИЕВАГА АРНАЛГАН ЫРЛАР

***Советбек Абдырасулов***

### АЙНУР ДЕГЕН

Жетекчи мында Айнура айым,
Жетектеп келет акындар «шаарын»
Алкышым айтып, акындык милдет.
Арнайын сага ырымдын сабын.

Атыңдай айдын үлгүсү белең.
Ак жүргөн жандын күзгүсү белең.
Уктабай түндөп, эл үчүн иштеп.
Уркуя эженин сиңдиси белең.

Курга[illegible]ай такыр ыр жазган сыяң.
Китептер далай басмадан чыгар.
Акындардын барын топтодуң мында.
Курултай кылган Курманжан сыңар.

Ай-аалам батчу кулачы кеңсиң.
Аялда болсоң султанга теңсиң.
Атагы чыгып далайга жеткен.
Алымбек датка урпагы сенсиң.

Эл үчүн кылган кызматың бир күн.
Датка Айнур деген наам алып берсин.

**Гүлбара Арзыкулова**

## САЯПКЕРИМ

1

Мокоп калган калемди учтап берип,
Такшалтып таптап жүргөн саяпкерим.
Күлүктөр арасында ойдологон,
Мен дагы, көп ичинде талапкермин.

Аранарга кошуп мендей чабалды,
Кашаң ырды дароо кармап саптаган.
Мүнөзүңдөн айланайын, мүнүшкөрүм,
Улуу көчтү ээрчип мен да такшалам.

Дүбүртүн тыңшап ырдын ойлуу басып,
Алтындан да нарктуу турат кеңешин.
Ташыркаган туягымды бекемдеп,
Жүрөк кандан сыя жасап бересиң.

Кудуңдап колтугума кысып алып,
Сыясы кургай элек жаңы ырымды
Кээде мен калат окшойм көңүл бурбай,
Жабыгып, айталбаган жан сырынды.

Сен көтөргөн элдин жүгү - ыйык жүк,
Багбанымсын, жаш чырпыкты өстүргөн.
Ак бараңдын мылтыгындай ырларың,
Таамай атып бараар жерин көздөгөн!

*2.03.2024. Бишкек шаары.*





## КАЛЕМГЕР ДОСУМА

2

*(Ала-Тоо Алтай адабий бирикмесинин төрайымы Айнура Апиевага арналат)*

Жазы маңдай, жаркылдагым, Айнурум,
Поэзиядан тапкан менин таң сулуум.
Сөз барктаган, ыр таптаган асылым,
Бөлүшкөнүм, төгүшкөнүм жан сырым.

Алтындан да салмактуусуң, берекем,
Акылың да даанышмандай кең экен.
Алтын таажың - ден соолугуң чың болсун,
Жүрө бергин арабызда сен эсен.

Алгачкы ирет баа бергемин сөзүңө,
Чөгүп кеткем океандай көзүңө.
Элиң үчүн кызмат кылып жүрөсүң,
Кырк беш жашың кут болсунчу өзүңө.

Жакшы атанын кылдан тура кыягы,
Мыкты чыкса кыздан болот туягы.
Күлүк ырлар жандап дайым сезимиң,
Калемиңдин түгөнбөсүн сыясы.

*17.01.2025, Ош шаары.*

*Дамир Абдусатаров*

## АЙНУРА АПИЕВАГА

Ала-Тоо, Алтай санаттарын,
Акындык сапарга кадамдарын,
Бапестеп таптап келе жатат,
Айнура эжем күүлөп канаттарын.

Тайпага койгон талаптарын,
Билелик биз деп баратканын.
Талпынып учуп алуу маалы,
Эжемдин нервин кашайтпагын.

Эжемден башка «ашайт» баарын,
Кызарган жерге кадайт жаагын.
А бирок Айнура эжекебиз,
Талпынтат сезим ыргактарын.





*Жумабек Борбиев*

## АЙНУРАГА

1

Көп акындын жетпеген ашыгысың,
Каткырып, кыска күлүп шыңкылдаган.
Жөнөкөйлүк мүнөздүн жакынысың,
Менменсип бийиктикке умтулбаган.

Билимдүүсүң, катасыз жазгандарың,
Мугалимдин сүйүктүү баласындай.
Досторуңа ак пейилиң салгандарың,
Каректин агы менен карасындай.

Боорукерлик сезимдерди билдиргенде,
Кызы[illegible] Ай коомдорунун кайрымысың.
Ыр ы[illegible]ап, обондорду киргизгенде,
Рысп[illegible]н, Түгөлбайдын кайрыгысың.

Таттуу сөз - көңүлдөрдүн сезгичи да,
Тартуу[illegible]асам сага ыр - кубанамын.
Көк ки[illegible]им - күйүттөрдүн белгиси да,
Көк ки[illegible]ибечи алтын кыз, суранамын!

## ЖАЗЫЛА БЕРСИН

2

Ала-Тоо Алтай жар салып,
Бирикме түзгөн санаттан.
Айнурду бүгүн куттуктайм,
Ырларын жазган канатчан.

Ар күнү таңдан жар салып,
Тайпага тилейт куш убак.
Катасын айтып ар кезде,
Акесин турат чукулап.

Кырк беш жашың кут болсун,
Алайдын нурдуу сулуусу.
Тайпаны алга жетелеп,
Жол көрсөтүп турууучу.

Аруудан берип боекту,
Ар түстө жанган түр блең.
Келгени ушул колуман,
Ыр менен сага гүл берем.

Жараткан берип өмүрүң,
Кечинен келсин чын дүйнөң.
Жүз жашың тосуп турганда,
Жазыла берсин ыр дүйнөң!





**Нурбек Сыдыков**

## АЙНУР ӨЗҮ

Айнур өзү айымдардын каймагы.
Ал окшошот Ак кайыңга жайдагы.
Айнуранын келбетине суктанып.
Суу да токтойт агып жаткан сайдагы.

Азын-оолак айтып өтсөм бу жанды.
Ачык айрым пешенеси жайдары.
Баракелде, келбетине суктанып.
Башын ийет асмандагы ай дагы.

***Акимжан Мукамбетов***

## АЛАЙ КЫЗЫ АЙНУРА

Чыканактай кичинекей кыз эле,
Чыйрактыгы башкалардан тың эле.
Алай аймак бир кичине айылда,
Төрөлгөн жер Ала-Тоонун бурчу эле.

Тике карап бир сөзүнөн кайтпаган,
Кенжеликтен эрке болуп тапталган.
Келечеги - жетекчилик болуусу,
Тээ ошондо - бала кезде такталган.

Ак баракка арнап калем ыргагын,
Жазуу болду ак сүйүүнүн ырларын.

Табигатка таттуу кыял аралап,
Тизмектеди - тизип баардык сырларын.

Ала-Тоо деп, Кыргыз Алтай санатын,
Жаратмандар жайып мына канатын.
Жазуу төкмө, макал-лакап айтышты,
Бириктирип ынтымагын жараттың.

Төшүңдөгү алтын орден медалың,
Ак эмгектен жетишкендик көп алдың.
«Ыйык Тили», «Ала-Тоо Эл Сыймыгы»,
Айтып турат эл көңүлдө сен барсың.

Жети дубан жазмакерлер жанында,
Жетишкендик дагы болоор алдыңда.
Айтыш коомун арттыраарсың дагы көп,
Темине бер, темир канат акынга.

Үмүт оту өчпөйт, дагы биргебиз,
Бирге болуп ынтымакта киргенбиз.
Жаратмандар жараталы-жандайлы,
Жетекчи бар - Айнураны билебиз.

Мен ыраазы, сен да мага ыраазы бол,
Жашоо кызык - ыр жазганым мына ошол!





*Жумабек Борбиев*

## ЫР МЕНЕН

*(Акын кыз Айнурага)*

Тоо-Алтай жар салып,
Бирикме түзгөн санаттан.
Айнурду бүгүн куттуктайм,
Ырларын жазган канатчан.

Ар күнү таңдан жар салып,
Тайпага тилейт куш убак.
Катасын айтып ар кезде,
Акесин турат чукулап.

Кырк беш жашың кут болсун,
Алайдын нурдуу сулуусу.
Тайпаны алга жетелеп,
Жол көрсөтүп туруучу.

Аруудан берип боекту,
Ар түстө жанган түр белең.
Келгени ушул колуман,
Ыр менен сага гүл берем.

Жаратман берип өмүрүң,
Кечинен келсин чын дүйнөң.
Жүз жашың тосуп турганда,
Жазыла берсин ыр дүйнөң!!!

*Айдай Асыкова*

## ЭЖЕМ АЙНУРАГА

Мүнөзү жумшак, ары назик эжекем,
Сиз сулуусуз, мүчө-боюң келишкен.
Жаратканым аруулукту ыроолоп,
Суктандырып, Айнур сулуу дегизген.

Көздөрүнүздөн көрүп турам жылуулук,
Нур жүзүңүздөн жанып турат сулуулук.
Төгөрөгү төп келишкен асыл зат,
Көөдөнүңдө балкып жатат улуулук.

Жан дүйнөңүз таза суудай мөлтүрөп,
Жүрөгүңүз ыр дүйнө деп төгүлөт.
Мээримдүүсүз, асыл жансыз башкача.
Бүт дүйнөнү бергим келет эңчилеп.





*Дамир*

## АЙНУРА ЭЖЕГЕ

Айдын нуру жанып турат жүзүнөн,
Ырлар жазгың келет уксаң үнүнөн.
Өнөр чөйрө сизсиз толукталбастыр,
Айнура эже сейрек адам түрүнөн!

Жаш-карынын тилин таап баарлашат,
Жакшы адамдар дайым сизди жандашат.
Бактыбызга бар болуңуз, көп жашап,
Айнура эже, сизге баары жарашат.

Туулган күндүн дагы жүзүн көрүңүз,
Бүткүл жерде адашпасын төрүңүз.
Жаратканым эки дүйнө кут берсин,
Мотивация бизге дайым сөзүңүз

## МАЗМУНУ

Атама болгон кусалык ........ 3
Кусалык ........ 4
Жолго чыктым ........ 5
Жүрөгүмдү уурдадың ........ 6
Алайыма ........ 7
Арбалдым ........ 8
Айылымды эңсегенде ........ 9
Арналат махабатым ........ 11
Өмүрүмдү кайтып берди ........ 12
Ашыкпаңыз, агажан ........ 13
Май айы ........ 14
Суранды ........ 15
Ашыктык оту жандыбы ........ 16
Купуя болду сүйүүбүз ........ 17
Сезбептирмин ........ 18
Байлап алдың ........ 19
Кайда кеттиң ........ 20
Бактың сенин болоюн ........ 21
Тигилем сүрөтүңө ........ 22
Кат жазды ........ 23
Алыста жүргөн мекендештерге ........ 24
Кеч жолуктуң ........ 25
Ашыкмын ........ 26
Кадырыма ыйлаймын бааланбаган ........ 27
Сейил бакта ........ 28
Сулууга ........ 29
Сен кимсиң? ........ 30
Кайран жаштык ........ 31
Досторума ........ 32
Сагындым ........ 33
Азамат иниме ыр белек ........ 34
Сабира эжеге ........ 35
Даниелди эскердим ........ 36
Жайдары кыз ........ 37





Күттүрдүң ........
Кечиккен махабат ........ 38
Барып келдим Алайыма ........ 40
Батпай койду ........ 41
Кош, Россия ........ 42
Өңүм болсочу ........ 43
Жашай берем ........ 44
Кел дебедиң ........ 45
Түштүк кыз ........ 46
Автобуста ........ 47
Карай берем ........ 48
Соолубасын сүйүүлөр ........ 49
Келе жаттым ........ 50
Чын махабат ........ 51
Тамашалуу ыр ........ 52
Эртелеп ........ 53
Жүрөлүчү муңайбай ........ 54
Арзуу ыры ........ 55
Жаш өткөн кездин арзуусу ........ 56
Рабия эженин жолдошуна ........ 57
Тагдыр ........ 58
Эне ........ 59
Гүл өңүм ........ 60
Майыштырды ........ 61
Айтышка чакырык ........ 62
Кайрылуу ........ 63
Күтүүсүз сезим ........ 64
Жолугам ........ 65
Айнураларга ........ 67
Кайрылуу ........ 68
Бала кыял ........ 69
Байкадым ........ 70
Жан шеригим ........ 71
Кыргыздан алам бир кызды ........ 72
Поэтикалык айтыштар ........ 73
Нурила эжеге жооп ........ 74
Айтыштан үзүндү ........ 105
........ 130

Айнура Апиевага арналган ырлар..........
Айнур деген..........131
Саяпкерим..........131
Калемгер досума..........132
Айнура Апиевага..........133
Айнурага..........134
Жазыла берсин..........135
Айнур өзү..........136
Алай кызы Айнура..........137
Ыр менен..........137
Эжем Айнурага..........139
Айнура эжеге..........140
..........141

**Айнура Апиева**

**КҮТҮҮСҮЗ СЕЗИМ**

*Ырлар*

*Редактору* Мусакун Сатыбалдиев
*Компьютердик калыптоочу* Мырзабек Кадыров

Форматы $60x84^{1}/_{16}$. Офсеттик басуу
Офсеттик кагаз. Көлөмү 9 б.т.
Заказ №45. Нускасы 100 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Үсөнбев көчөсү, 149,
Тел.: 62-02-13



Апиева Айнура Жоошбаевна – 1980-жылы 17-январда Ош облусуна караштуу Алай районунда жарык дүйнөгө келген. Чыгармачылык жолун көп жылдардан бери өстүрүп келет. «Ош кайрыктары» адабий бирикмесинин «Мыкты жетекчиси» ордени «Ыйык -Тил» төш белгисинин ээси. «Ала-Тоо Эл сыймыгы» алтын медаль, алтын грамота жана значогу менен сыйланган.

* * *

*Күтпөгөн сезим – күтүүсүз келдиң,*
*Күдөөрүм үзүп жүргөндө менин.*
*Кайталап сүйүү жаңыртып күчүн,*
*Жаңырдың неге, жылдарда кечим.*

*Секелек эмес сезимтал кезим,*
*Сейилдеп калган сүйүүлөөр эским.*
*Кырларды ашып, кыркымдан өтсөм,*
*Кыдырып издеп таптыңбы – келдиң?*